

Майрамбек Сапарбеков

# КҮН

**Майрамбек Сапарбеков**

# КҮН

*Ырлар*

«Турар»
Бишкек 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 19

Сапарбеков Майрамбек.
С 19 Күн: Ырлар. – Б.: Турар, 2015. – 232 б.

ISBN 978-9967-15-423-0

Автор бала кезден эле ыр жазууга ышкыбоздонуп, өзүнчө түйшөлүп алектенип жүрүп, «эр ортону – элүүдөн» өткөндөн кийин жазган ырларын чогултуп китеп кылып, эми окурмандардын колуна тартуулап отурат.

Китеп – алгачкы ырлар жыйнагы болгондуктан окуп коюңуз, окурман!

С 4702300200-15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-423-0

© Сапарбеков М., 2015

# *АЛГЫ СӨЗ*

*Улуу сөз. Бала кезден сүйгөн, бала күндөн баалаган, балдай болуп дилде калган кыргыздын сөздөрү. Кандай учурда болбосун, кайсы мезгилде болбосун тынбай, тажабай угуп кубантып, шыктантып эргүү алып келген сөздөр.*

*Элдин сөзүнө болгон сүйүү. Сөздүн тереңдигине, бийиктигине, кенендигине болгон урматтоо сезимди шыктандырат. Ушундай берилүү гана ырга жол ачабы деп ойлойм. Канча жолу ырдалган, канча жолу иргелген кыргыздын сөзүн колдонуп, коомдун башында турган көйгөйүн агы менен карасын, аруусу менен тазасын айтканга аракет кылам.*

*Ал сөздү канчалык чебер, кылдат, таамай колдондум аны менин жаратмандын табити, таланты гана айта алат. Аны талдоо окурмандардын таразасына коюлат. Карапайым эл*

*аны кандай жеңил кабыл алса ошондон анын бактысы ачылат деп ойлойм.*

*Көп жылдар бою мен калем кармап ыр жазган жокмун. Жазгандарым көңүлүмө жакпай калганда аларды ууру кылгандай, айрып тез жок кылганга шашчу элем. Бир гана армияда жүргөндө ыр менен жазылган драмам азыркыга чейин сакталуу турат. Ал драманы адистерге окутуп, алардын жылуу кебин уккам. Бирок чыгарууга чамам жетпеди.*

*Эки жылдан бери мен кайрадан ыр эргүүсүнө кабылдым. Бир топ ырларымды көтөрүп алып Шайлообек байкеге бардым. Ал кишиден: – Чыгар, бул ырларыңды дегенден кийин гана мен ырларымды эл алдына коюуга батынып отурам. Элге арналган, элдин көйгөйүн көргөнгө аракет кылган, элге болгон урматым ушул ырлар аркылуу жалпы журтка сунулат.*

*Автор*

# ЫРЛАР

## ИЗДӨӨ

Бул дүйнөдө бакыт бар
Кол менен кармай албайсың.
Эки бүктөп акчадай
Чөнтөккө да салбайсың.

Бул дүйнөдө бакыт бар
Малдай айдай албайсың.
Машинага түшүп сен
Үйүңө да барбайсың.

Бул бакытты баары издейт,
Джипти минип бай издейт.
Жалпы журтту алдаган
Арсыз арам дагы издейт.
Үч коюю жок бала издейт,
Үч миллион баары издейт.

Шыбырашкан кыз издейт,
Шырдак ойгон уз издейт.
Жетеси жок бала издейт.
Жетимиште чал издейт.

Түштүктө ынды кара издейт,
Батышта сары балээ издейт.

Түндүк чыгыш дагы издейт.
Түп көтөрө баары издейт.

Бирок бакыт табылбайт,
Дүкөндөрдө сатылбайт.
Үлкөн жарлык берилбейт,
Үлгүсү да көрүнбөйт.

Бүт эл болду бушайман
Четин көрбөй кылайган.
Мына жетим десе эле
Кетет колдон бул айбан.

Машина минип алышты,
Бири-биринен ашышты.
Бири-биринин жолун торошту
Бак издеген оңойбу.

Тулпар минип алышты
Туш-тарапка барышты.
Тизгин тартпай жарышты.
Желмаян минип алышты.
Жел менен да жарышты.
Жер четинен таба албай.
Желди кармап калышты.

Бакыт элес-буласпы
Ээн чөлдөгү миражбы.
Бакыт кармай алышпай
Байкуш элдер куураштты.

Бир үй болсо бакыт жок,
Эки үй болсо деп тилейт.
Эки үй болсо бакыт жок,
Төрт үй болсо деп тилейт.
Төрт үй болсо бакыт жок,
Көп үй болсо деп тилейт.

Айланайын пенделер
Ар балээни жеңгендер.
Пейилди да ойлойлу,
Балким, багыт өзгөрөөр.

Ызы-чуудан тажагам
Айыл жакка баратам.
Ата Журтта агам бар
Чакан чарба жашаган.

Ашыкча аштык айдабайт,
Арбын мал да кармабайт.
Чактап ичип тамагын
Чатырап курсак байлабайт.

Бирөөгө сугун артпаган,
Өзгөнү көрүп шашпаган.
Эрегишкен замандан
Эмине муну сактаган.

Көрүп келме келтирем,
Пейил берсин – деп тилейм.
Ыраазы болсоң барына
Бакыт ошол – деп жүрөм.

*03.05.2014*

# САМУРАЙ

Акча албай орден тагынбай,
Азапта каска багынбай.
Астына койгон милдетин
Аткарат экен самурай.

Бир гана бийик нерсе экен
Бул жалган тепсеп өтпөгөн.
Ар дайым арын-намысын.
Өмүрүн кыйса бербеген.

Калп атак-даңкты түптөбөй,
Калкты алдап байлык издебей.
Капыстан колго түшсө ал,
Калтырап белин бүктөбөй.
Кардына канжар матырып,
Жан кечер көзүн ирмебей.

Өз милдетин аткарган
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Өзөгү болуп тартиптин
Самурайлар даңкталган.

Бийликтин чыгып өкүмү,
Самурайды өлүмгө
харакире чечими.
Өз жанын кыюу жоокерге
Намыстын бийик чегиби.

Жапондор койгон тартипте
Ар бир тобу ар түстө.
Харакире жазасын
Ашырат кантип салты ишке.

Карашат баары мелтиреп,
Сабалап жалгыз ой жүрөт.
Кандай адам өмүрүн
Өз колу менен кыят – деп.

Кардай аппак кийинген,
Төбөгө чачын түйүнгөн.
Элпек басып олтурду
Эл алдына тигилген.

Оң жагында күч канжар
Ороодо учу жалтылдайт.
Сол жагында самурай
Колунда кылыч жаркылдайт.

Ак дебейт, же көк дебейт,
Үн дебейт, же сөз дебейт.
Тегерете каранып,
Көз менен айла издебейт.

Бириктирип колдорун
Көкүрөктөн чыгарды.
Ичи, бели ачылып,
Кең көйнөгү кулады.

Оң жагында канжарды
Муздак сууга чайкады.
Эми муздак канжарды
Эки колдоп кармады.

Сол бөйрөктүн тушуна
Курсакка малды матыра.
Оңду карай тарты анан
Бар үнү менен бакыра.

Күнөөлүүдөн күч кетти
Өбөктөй алга бүктөлдү.
Сол жагында самурай
Кылычы көккө жарк этти.

Кыйналып жаткан жоокердин
Денесинен баш кетти.
Карап турган көздөрдүн
Карегинен жаш кетти.

Бул дүйнөдө талаштар
Күчөдү го бүтпөдү.
Алынган баштай намыстар
Тоодой үмүт түптөдү.

Актык менен арамдык
Ажалга эрди такады.
Акыйкат үчүн самурай
Адамдык парзын аткарды.
Бийиктигин, эрдигин
Эл көрүп туруп таң калды.

*01.05.2014*

# ЖҮРӨК

Түйүлдүк кезде жаралган,
Түпкүрдөн орун таба алган.
Түйшүктүү сенин өмүрүң
Түр жанга жашоо бере алган.

Сагынган, сүйгөн кубанган
Саргарган, күйгөн күтө алган.
Сезимдин бардык толкунун
Сабырда иштеп жеңе алган.

Мезгилдер учат, жыл учат
Мезгилди сүрөп күн учат.
Учуудан чарчап уктасаң
Уктабайт жүрөк тыпылдап.

Милдетин сендей так билген
Жан барбы башы түктүүдөн.
Жетимиш-сексен жыл бою
Жарым саат тынбай иштеген.

Дүкүлдөгөн жүрөгүм
Өмүр бою сүрөдүң.
Өтөөр дүйнө жолунда
Өзүң гана түтөөрсүң.

Бала кезден өспүрүм
Бакылдадың өстүрдүң.
Балакаттан өткөндө
Жүрөк күчүн сездирдиң.

Эгер кетсе сагынткан
Энекени тааныттың.
Үч күн кетсем сагынткан
Үй экенин тааныттың.

Жүрөк сенде көз бардай
Оюм ээрчийт эч калбай.
Жүрөк сезген сезимди
Кабыл алат таң калбай.

Жагымдуу жүрөк согушуң
Жагымдуу жүрөк болушуң.
Кубаныч болсо балкыган
Жагымдуу толкуп толушуң.

Жагымдуу жүрөк арышың
Жагымдуу жорго салышың.
Жалынга калган сүйүүдө
Жагымдуу каалап калышың.

Жагымдуу жүрөк үмүтүң
Жакшы ойлоп соккон жүрүшүң,
Жагымдуу күнгө өбөлгө
Жан үрөп турсаң күнү-түн.

Сен бир тынбас дулдулсуң,
Сен ойдо көңүл бургуздуң.
Сен коштоп турсаң өзүмдү
Мен жазып ыр сап тургуздум.

Алтымыш асый торудай
Ага бер күчүң соолубай.
Артыңдан коштоп көп арбак
Сүрөсүн дем-күч болчудай.

Жетимиш жашта торудай
Жүрө бер күчүң соолубай.
Астыңдан колдоп көп урпак
Ал берсин айга кончудай.

Жүгүргөн сайын мен сүрөп
Жүрүшүң менен сен сүрөп.
Кыйнашпай кылым жыгалы
Кандай дейсиң сен жүрөк.

*18.11.2014*

# КАРМАШ

Кардын сылап калп жүрөт
Карс-карс күлөт, карс күлөт.
Чымылдаган чындыкта
Жандап жүрөт жан үрөп.

Калп курсакты сылайт да,
Каш көтөрүп карайт да.
Карааны чоң немени
Кайран элдер сыйлайт да.

Чымылдаган чындыктын
Үнү деле ачуу да.
Үйдөй калптын жанында
Сөзү чыкпай калууда.

Эзелтеден бул экөө
Эр эгишкен күн өтөө.
Каардуу суукта калп тердеп
Чындык жапа чегүүдө.

Мына сууга кирди экөө
Аркы жээкке өтүүгө.

Калп баратат кайыктай
Чындык мүргүп кетүүдө.

Каптаган калың майынан
Калпка тамчы суу жукпайт.
Шыргайдай арык чындыктын
Шыймылчагы зыркырайт.

Чоң бороондо калды экөө,
Чоң сыноону салды экөө.
Калпты бороон айланып
Чын чыдамын жулду эле.

Чын чыдады, бербеди
Калпка чынды теңдеди.
Бүрүшсө да кайыгып,
Жеңиш сенде дебеди.

Кармашканы кармашкан
Айгышканы айгышкан,
Арачага аларга
Адамзаттан ким чыккан.

Чөл жакка да барышты
Апталап жашап калышты.
Чыдамдарды ысыктан
Дагы сыноого алышты.

Калп чыдамы курсактан
Сыртка дагы чыкпады.
Чын чыдамы чыңылдап,
Суу издеди таппады.

Калп курсагын өркөчтөй
Шимип ичтен жеп турду.
Чындык чаңкап суу таппай
Убадада бек турду.

Шимиргенге майы жок,
Суу издерге алы жок.
Акыйкаттуу Алладан
Күч сурады багы жок.

Кайда барсаң бул калптын
Төрт тарабы сегиз жол.
Кайда барса бул чындын
Бет алганы жалгыз жол.

Ошондуктан чындыктын
Жолу татаал деп жүрөт.
Аны билген кайран калп
Карс-карс күлөт, карс күлөт.

*05.11.2014*

# КҮЗ

Мезгил күзгө ыктады,
Мемиреди уктады.
Мээ кайнаткан ысыктын
Чеңгээлинен чыкканы.

Жашыл чөптөр бозорду
Жаштык күчүн жоготту.
Суу ичпестен сабагы
Бир өмүрүн токтотту.

Кечээки жашыл жалбырак
Кургап калды калдырап.
Киши баскан жолду жаап
Түшүп жатат салбырап.

Жол боюнда жоодурап
Дарбыз, коон сатылат.
Күздүн карды жарылып
Кардар карайт жалдырап.

Кандай пейлиң күз сенин
Үзүп жедим жүзүмдөн.
Алма, алмурут, шабдалың,
Шагын ийе тизилген.

Көңүл тоёт, көз тоёт
Кырманыңа дан толот.
Кыдырата аймалап
Кырдан ылдый жел согот.

*19.09.2014*

# ЖАЗ

Кышты айдап кыйла карыган
Жаз келди кайра башынан.
Жаш жалбырак, жаш шибер
Жадырап дүйнө жаңырган.

Жумшак жел соксо айдарым,
Топтолгон тоңду айдадың.
Жылытып турат жүрөктү
Жабылган гүлдү байлашың.

Жылды атап келсең ар дайым.
Күтөбүз баары дапдайын.
Таарынтып коюп жазды биз
Түштүккө издеп барбайын.

*03.05.2014*

# ЖЕЛ

Биз көрүп турган көк менен,
Бут басып турган жер менен.
Бүтүн чулгап жер жүзүн
Бул дүйнөнү теңдеген.
Билинбей бизди коштогон
Биз жуткан аба жел экен.

Чокулар, зоолор кыр менен
Чочубай коштоп нур менен.
Чоң-кичине баарына
Чогултуп кубат-күч берген,
Чочубай кирген ар кимге
Чоочунмес аба жел экен.

Талаалар түзү термелген,
Керимсел соксо теңселген.
Көөдөнү толуп табигат
Өскөндөр өйдө сермелген.
Көкүрөк толо дем алып,
Кычкылтек берген жел экен.

Жер жүзүн жалгыз бийлеген
Чөкпөгөн чокко күйбөгөн.

Жаратып жандуу заттарды
Жок кылып кайра үйлөгөн.
Теменедей тешик жок, сен
Текшерип чыгып кирбеген.

Бардыгында ишиң бар,
Бар мыйзамдай күчүң бар.
Көңдөй жери толтурган
Көп адамда өчүң бар.

Көптү мобу дечү эле
Көп көргөн көсөм элимде.
Көпкөн-деген эмне – деп,
Көз салдым сөздүн түбүнө.
Көңдөйү чоң пенденин
Жел тура бөксө жеринде.

Көбүрөөк байлык тапканда
Көзүңдү боз жел басканда,
Ийнедей көздөн өткөн жел
Кирерге тешик тапканда.
Толбогон жерин толтуруп
Топтой үйлөп салганда.

Тоодой болуп толукшуп
Териңе батпай турасың.

Көргөндөргө кош көңүл
Аргасыз салам кыласың.

Жер баспай жети карыштай
Жерден бийик турасың.
Эңкейем десең жел турат
Кандай айла кыласың.
Элден бийик турсаң сен
Эмнеден арман кыласың.

Ошону кыргыз айтыптыр,
Ойлонтор сөздү табыптыр.
Ой-кырда жүргөн ошол жел
Ойронду издеп батыптыр.
Орунсуз жерге кирсе эгер
Оорудан кийин жабыктыр.

Он мүнөт аба болбосоң
Өмүрүм токтойт ойлосом.
Өзүңдү жутуп турабыз
Өмүр бою тойбостон.

*02.06.2014*

# ЖЫЛУУ ОЙ

Ак калпагы башында,
Ала-Тоосу кашында.
Ай туягы таш кескен
Аргымагы астында.
Амандык болсун түбөлүк
Айтылуу кыргыз калкына.

Аруулук бар канында
Ар-намысы жанында.
Атадан асыл кеп уккан
Ал мончоктой жашында.
Агын иргеп көнүшкөн
Акылман кыргыз калкы да.

Ак элечек башында
Асыл ой ороп жалынга.
Алоолонгон от көзөп
Жаратканга жалына.
Ар качан айтар урмат көп
Апалардын атына.

Бабалар да, энелер
Баасы кымбат кеменгер.

Баркыңды билип балдарың
Башынан сыйлап келгендир.
Балээ түшсө башына
Багынбастан жеңгендир.

*09.08.2014*

# МЕКЕН ЖӨНҮНДӨ

Ар кыргызда жүрөк бар
Мекен деп соккон токтобой.
Ар кыргызда тилек бар
Көөдөндө жүргөн козголбой.
Билсем кыргыз өтпөйт ко,
Ала-Тоосун ойлобой,
Ата Журтун ойлобой.

Алтай саян башталып,
Ала-тоону кыркалай.
Алай – Памир аркылуу
Тибет, Кайлас, Гималай.
Ушул кыргыз балдары
Чачылыптыр таруудай.

Шиберлерин, саздарын
Бутуң сүйүп жүгүргөн.
Балыр баскан сууларын
Башын салып шимирген
Балалыктар өткөн жер.
Кетпейт тура эсиңден.

Аталарды жашырдык.
Балдар өсүп чоңойгон
Апаларды жашырдык.
Кыздар өстү койкойгон,
Бардык ошол өмүрдү
Ата Мекен коштогон.

Кеткен ата-жотонун
Сөөгү жатат боорунда.
Келген бардык балдардын
Тагдыры турат колунда.

Өмүр бою мен жашап.
Өзүнө сырдаш болдум да.
Асылым Ата Мекеним.
Айтпасам капа болдум да.

*07.05.2014*

# МЕКЕН ЖӨНҮНДӨ

Ар кыргызда жүрөк бар
Мекен деп соккон токтобой.
Ар кыргызда тилек бар
Көөдөндө жүргөн козголбой.
Билсем кыргыз өтпөйт ко,
Ала-Тоосун ойлобой,
Ата Журтун ойлобой.

Алтай саян башталып,
Ала-тоону кыркалай.
Алай – Памир аркылуу
Тибет, Кайлас, Гималай.
Ушул кыргыз балдары
Чачылыптыр таруудай.

Шиберлерин, саздарын
Бутуң сүйүп жүгүргөн.
Балыр баскан сууларын
Башын салып шимирген
Балалыктар өткөн жер.
Кетпейт тура эсиңден.

Аталарды жашырдык.
Балдар өсүп чоңойгон
Апаларды жашырдык.
Кыздар өстү койкойгон,
Бардык ошол өмүрдү
Ата Мекен коштогон.

Кеткен ата-жотонун
Сөөгү жатат боорунда.
Келген бардык балдардын
Тагдыры турат колунда.

Өмүр бою мен жашап.
Өзүнө сырдаш болдум да.
Асылым Ата Мекеним.
Айтпасам капа болдум да.

*07.05.2014*

# ДИНЛИНГЕ

Өткөндө мен бир кепти айта албадым,
Өтсө да ал ойлордон кайта албадым.
Өкүнүп калбайын деп өмүр өтсө
Өзүңө өзүм сүйгөн ыр арнадым.

Жанымда жакын жүрсөң бара албадым,
Жаштыгың жамалыңа кумарландым.
Жаркылдап тийип турган ажарыңды
Жардамсыз сырттан карап тура албадым.

Эзелки динлиндин кызы экенсиң
Эстеп мен тамашаңды түзүк көрдүм.
Эгерде терең болсо тамашалар
Эмнеге жашырайын ыйык жерин.

Сурансам жаз илебин бересиңби,
Суктанган жамалыңдан бөлөсүңбү.
Сулуулар сыр сактаган жүрөгүнө
Сыр айтсам жүрөгүмдү теңейсиңби.

Азыркы жаштар кумир пир кылышкан
Ардактап сулуулугун туу кылышкан.
Айтылуу Американын кино актеру.
Аңдысам кем эмесин Лопастан.

*04.06.2014*

# ФРУНЗЕМ

Кыялда батпас таң элең,
Күүгүмдө өчпөс шам элең.
Кыштактык балдар-кыздарга
Кызыгып турчу багы элең.
Өзгөртүп өмүр жолдорун
Өзүңө келдик Фрунзем.

Астыдан тагдыр издеген,
Аруу тилек түздөгөн.
Ар кандай кыйынчылыкта
Алгалап үмүт үзбөгөн.
Ала-Тоолук балдарга
Ага элең, ата-эне элең.

Биз сүйгөн сулуу Фрунзем
Көп түрдүү көйнөк кийинген.
Көчөңдү бойлоп басканга
Көпчүлүк балдар сүйүнгөн.
Көптөрүн куштай таптадың
Имере тартып ийинден.

Жаштыктын жылын жашадык,
Жабыкта мөмөң ашадык.

Жарашып көчөң, гүл багың
Жанашып кызга баса алдык.
Жалпыга берген демди алып,
Жабыккан ойдон тазардык.

Окудук, окуп иштедик
Билүүгө ниетти түздөдүк.
Билимдин бүтпөс кени элең
Биз сенден ойду түптөдүк.
Билгенди алып кубанып,
Билбесек үмүт үзбөдүк.

Мекеним болдуң, журт болдуң
Мен үчүн ыйык кут болдуң.
Мага окшош канча балдарга
Мээримиң төгүп нук болдуң.
Сени сүйгөн балдарга
Сөөлөтүң ашып жык толдуң.

Кылымга кылым тогошту,
Карысы күчүн жоготту.
Кайрадан бутка турам – деп,
Канча бир күчүн коротту.
Кайрылбас болуп акыры
Жаңыга жолун бошотту.

Жабылган ошол кылымда
Жалын кез калды чынында.
Жашында кеткен сулуудай
Жабыктың жашыл Фрунзе.
Жайкалган ошол көйнөгүн
Жай күнү табыш кыйын да.

Көчөлөр калды сен жоксуң
Көчөлөй басып жол тостум.
Көрүнбөй калдың кара көз
Көп издеп аны токтоттум.
Көөдөндө жашай берсин – деп,
Көкүрөктү сооруттум.

Жайнаган гүлдөр багында
Жаштары гүлдөйт дагы да.
Жашыл түстүү отургуч
Жасалган аркы кылымда.
Жанында кетпей айланат
Жалгыздап баскан карыя.

*08.21.2014*

## САПАРДА

Кадырман кыргыз адамым
Канча жол басты кадамың.
Кылымдап артка калтырып
Кыймылдап койбой барасың.

Сен баскан жолду биз карап,
Сары эсеп менен жыл санап.
Сакталып кантип калды – деп,
Сандаган жылга таң калат.

Кылымдар аттын үстүндө
Кышында боз үй ичинде.
Кыргында эркиң ийилбей
Кыйындыгыңдан жеңдиң ээ.

Арбысын баскан кадамың,
Арылсын жуттан катарың.
Ар дайым алга жыла бер
Алкышын алып атанын.

Тарыхтар тагдыр калчадың,
Тарыттың күнүн канчанын.
Тар кечүү, тайгак жолдордо
Талыкпай жеңдиң азабын.

Кадырман кыргыз адамын
Канча ырын уктуң бабаңдын.
Кылымдар бою унутпай
Кыңылдап ырдап барасың.

Сен ырдасаң мен угуп,
Сезимдер турат оолугуп.
Сен баскан узак жолдордон
Бизге обон жетти созулуп.

Ал обон бүчүр жаратып,
Бүчүрү бутак таратып.
Байыркы кыргыз ырдаса
Башкалар тыңшайт карашып.

Көйгөйдү күүгө сала алдың,
Көмүскө сырды таба алдың.
Көпчүлүк угуп мемирейт
Күүлөрүн укса бабаңдын.

Теңдешсиз бийик баралдың
Таңдантып адам баласын.
Таланттуу элден чоң нуска
Теңири күчтүү Манасың.

Кадырман кыргыз адамын
Кол менен эмгек жараттың.
Үлгүсү кылып дүйнөгө
Үзөңгү ooздук жазапсың.

Тарыхтан окуп мен карап
Далайдан жүрөм чоң баалап.
Темирди майдай эриткен
Даанышмандыкка алпарат.

Арык чаап темир узандың,
Айдоо айдап дыңды буза алдың.
Арпасын атка чайнатып,
Таруудан бозо сүзө алдың.

Кыргыздын ээрин карагын
Генийдин оюн табасың.
Кеменгер уста акылман
Көргөндө ойдо каласың.

Ал бүгүн эмес кай заман
Азыркы чоң эл жок заман.
Байыртан бабам акылы
Турмуштан алга озо алган.

*21.10.2014*

# НУРАЛИГЕ

Бой салып чырдап ийбеген
Борпойгон гана бала элең.
Болочогу болсун – деп,
Болжолдоп жүрөт атакең.

Эки жыл жүрдүң болпоюп
Эч бир чыр салбай компоюп.
Экиден үчкө кеткенде
Өнөрүң чыкты оркоюп.

Небере болуп кубанттың,
Не бир мен алкоо чубаттым.
Негизиң жакшы боз тулпар
Нечен бир орго чуркаарсың.

Боз тулпар деген ат койдум,
Каймана ыйык ат болсун.
Кыргыздар сыйлайт күлүктү
Тулпардай бийик даңк болсун.

Закымдай учуп күйүгөөр
Боз тулпар болуш кыйын дээр.
Болжолду угуп аткарсаң
Болоюн сага саяпкер.

*10.08.2014*

## ЭРАЛИГЕ

Баатырдын түсүн түстөгөн
Баатырдай үнүн түздөгөн.
Атасын коргоп убара
Ар кандай кара күчтөрдөн.

Эки жашта коргоочу,
Акыйкатчы, долбоорчу.
Бийикке учат шумкар – деп,
Атакеси болжоочу.

Небере болуп кубанттың
Не бир мен алкоо чубаттым.
Жанымдан чыкпай жарым кез
Жандүйнөмдү жыргаттың.
Келечек кенен асмандай
Ак шумкар болуп сызарсың.

Ак шумкар деген ат койдум
Каймана ыйык ат болсун.
Кыргызда сыйлайт алгырды
Шумкардай бийик даңк болсун.

Билбеген учсаң бийиктээр
Ак шумкар болуш кыйын дээр.
Атаңдын сөзүн уга жүр
Ал дайым сага мүнүшкөр.

*10.08.2014*

# ТОРУ КУЛУН

Кулунум, тору кулунум
Кулпунуп алга жулундуң.
Кубаныч басты жүрөктү
Көргөндө көркөм сынындын.

Тармал куйрук, тармал жал
Татынакай башы бар.
Тартылган курсак, кыска бел
Тартайган узун буту бар.
Туулганда кулунду
Турса бир карап сук артаар.

Тыным алып турбаган
Тынчтыкты бузуп туйлаган.
Тулпардык сынын көрсөтүп
Тыңсынып башын чулгаган.
Тегеренип энесин
Тек баспай тентек чураган.

Басканын кара, басканы ай
Көргөн көз калат байлабай.
Туягы жерге тиеби, же
Тийбесе желдей айдайбы ай.

Жаңыдан туулган кулундун
Жанында карап туруптмун.
Жандардын баарын жараткан
Жаратман күчкө муюпмун.
Жаземи жок жарыктык
Жылкыны көркөм кылыпсың.

Көктөмдө турдун сен туйлап
Көөдөндө жүрөк ал туйлап.
Көздөгөн жерге жетээр – деп,
Көкүрөк турду ылдыйлап.

*27.07.2014*

# БОЗ БАЛА ИЗДЕП

Көлтөрүм, Шамшым, Кашатым,
Кең дүйнөгө башатым.
Көп көрбөй калсам кайрылган
Көнүп калган адатым.

Көлтөрүм, Шамшым, Кашатым
Бүт ааламга башатым.
Барбай калсам сагынган
Бала кезден адатым.

Көп дүйнө кезип мен келем
Көнгөн желге термелем.
Көркөм жерлер абдан көп
Көрбөдүм сага тең келген.

Таш менен шагыл мекени
Ташың маа жакут эмеспи.
Таалайды издеп жер кезип,
Таппадым сага теңдешти.

Боз топо, боз кыр мекени
Бозуң маа күмүш элеспи.
Боздум мен бакыт-бак издеп
Болбоду сага теңдештүү.

Боз топу кийген башына
Боз торгой таңшыйт талаанда.
Боз музоосун жетелеп,ошондо
Боз бала калып калды да.

Ортокто, орто жайыкта
Ат-Жайлоо, Карды-Жарыкта.
Багелек түрүп шымынын
Балалык калып калды да.

Ошол боз бала издеп келемин
Бар эле берчү белегим.
Боз чалды канча жылдарды
Боюндан табаар бекемин.

Көлтөрүм, Шамшым, Кашатым
Кең алаамга башатым.
Жетип келип өзүнө
Кусалыкты пастаттым.

*22.11.2014*

# КЫШКЫ АЛЧА

Кыш учуру күндөн түнү узарат,
Кабак бүркөп жылуусу жок сурданат.
Кышкы суукта аппак кардын үстүндө
Кызыктырып кызыл алча кызарат.

Кызыл алча жаздын, жайдын белгиси
Кыштын сени келбейт ко дейм көргүсү.
Кызыл алча махабаттын белгиси
Жаздай, жайдай кышты келет жеңгиси.

Бышкан алча көп жашабайт аптадан,
Абдан назик аба аптап жакпаган.
Бул мөмөнү чиритпей да, өлтүрбөй.
Кандай аяр айлар бою сактаган.

Кызыл алча сырдуу сүйүү белгиси,
Кайра жазга келип жүрөт кеткиси.
Кызыл алча сен кайда да, ал кайда
Кимдин артка келбейт дейсиң кеткиси.

Көрүп сени кымбатымды эстедим,
Эстеп эмне эстен тана эңседим.
Өзүн көрүп, сөзүн угуп жакындан
Дайым жанда жүрсө экен деп дегдеймин.

Кызыл алча кар үстүндө кызарган,
Менде дагы үмүттөр бар узарган.
Көөдөн толо көңүл жүрөт бөксөрбөй
Канткенде мен ага бөгөт түзө алам.

Жайды басып, күздү басып келдиңби
Кыштын суугун өзүң сезип көрдүңбү.
Көркүңдү да, даамыңды да жоготпой
Табигаттын бардык шартын жеңдиңби.

Кызыл алча кыйгыл таттуу даамы бар,
Бул дүйнөдө жалган да бар, аруу бар.
Кээ-кездерде табигатка багынбай
Үч мезгилди аттап артка баруу бар.

*14.04.2011*

# БАЙРАЛУУ

Сен дейт ко сезим сабалай
Сезимге даба таба албай.
Сыртыңдан жүрөм акмалап,
Сүзө кирип бара албай.
Сыр жазып сунуп турамын
Сыпайы шылтоо таба албай.

Ой баскан кара көздөрүң
Ойготот көңүл көктөмүн.
Он жылдап бирге жүргөндөй
Оюмдан чыгып кетпедиң.

Тартамын тагдыр сынагын
Кайта албай сен деп турамын.
Капыстан болгон сезимге
Кандай оор болот сурагын.

Көзүңдөн, сенин көзүңдөн
Көп сырды каткан өзүңдөн.
Кылчактап карап койсоң сен
Көөдөндө жүрөк эзилген.

Сандаган ойду бышыктай
Сен дейт ко жүрөк ашыктай.
Сезимтал жал-жал карашың
Сезилет мага азыктай.
Байырлап калдым өзүңдү
Байланган алтын казыктай.

*2011*

# ЖАЛЖАЛЫМ

Көңүлүм сүйгөн жалжалым
Келип жүрөт өзүңө
Жакшы ыр жазып арнагым.
Көп жылдар жабык жүрөктүн
Сен ойготтуң сүйүү арманын.

Жайдары ачык мүнөзүң
Жай бою көрүп жүрөмүн.
Жакындап барбай тартынып,
Жабылуу ойдо жүдөдүм.

Ал-жайды сурап каласың
Алдыртан жал-жал карайсың.
Жүз чайган сүйкүм күлкүңдөн
Жүрөгүм издейт дабасын.

Мен менен миң жыл жүргөндөй
Мээримдүү өмүр сүргөндөй.
Мүнөзүң жакын сезилет
Мен сени көптөн билгендей.

Күлүп-жайнап күндө жүрөгүмдө жүрөсүң.
Купуяда чыгалбас тилегимде жүрөсүң.
Элесиң бар, өзүң жок түнөгүмдө жүрөсүң,

Деги эмнени айтайын баарын
өзүң билесиң.
Чечилбеген түйүндү чече турган бир өзүң,
Келесизби деп чалган телефондон күтөмүн.

Чалып калсаң ошондо
Таң атканда барсамбы,
Ак таңда бирге калсамбы.
Алкымыңдан аймалап,
Бир таңда эки жансакпы.

Же түш маалында барсамбы,
Түштөндүрүп алсамбы.
Түш жорушуп олтуруп,
Ууртуңдан ууртап кансамбы.

Түн жамынып келсемби
Түн сүйүүлөр эрмеги.
Түркүн назик сөз айтып,
Арнасам асыл эңсөөмдү.
Ай тийген түндүн койнунда
Бөлүшсөк эки көксөөнү.

Эңсеген көңүл тынбайбы
Эки шам күндөй жанбайбы,
Эришкен эки жүрөктөр
Бир бүтүн болуп калбайбы.

Жароокер көзүң жаркырап.
Мээримин чачып күлбөйбү.
Жакын барып ысык дем
Алкымыңдан сүйбөйбү.

Ашыктык сөзүн айталбай
Алоолонуп күйбөйбү.
Биригишкен эки дем
Бейиште калкып жүрбөйбү.

Кырын салып кыйгачтап,
Күндөр өтүп баратат.
Ала салып аптасы
Айлар өтүп баратат.
Билгизбей өткөн өмүрлөр
Алды-артыңды каратат.

Кайырсыз ошол күндөрдө
Капыстан чыктың жалжалым.
Көпкө карап сыртыңдан
Жаныңа жакын барбадым.

Көз ымкыбай, каш серппей
Күлкүң менен арбадың.
Ашыктыктын айыбы жок,
Айтамын ачык арманын.

*2011*

# НУРДУУ КЫЗ

Жылмайганда жүзүнөн нурун чачкан
нурдуу кыз,
Сүйлөгөндө жүрөккө сырын каткан
нурдуу кыз.
Үшкүрүнүп жүрө албай үнүңдү күндө
уга албай,
Үмүттүү күндү утурлап ыр жаздым
сага нурдуу кыз.

Тамашага ылайык жообун берген
нурдуу кыз,
Жүйөлүү жүрөк жылытар көңүл
берген нурдуу кыз.
Көп жылдар калган унутулуп
көөнөрүп бозуп жыртылып,
Көөдөндөгү сүйүүгө өмүр берген
нурдуу кыз.

Көз алдымдан өткөнүң көлдөгү
куудай сезилет,
Көксөөдөгү жүрөгүм көргөн сайын эзилет.
Көкүрөктө көп суроо бири өзүңө берилет,
Көзүңдөн секет болоюн көп
назданбай айтсаңчы.
Качан оңго чечилет.

Кадамдасам беш аттам жанымдасың
нурдуу кыз,
Кандай кыйын аны аташ өзүң
беген жардамсыз.
Жакын жүрүп көрө албай, сүйүп
жүрүп өбө албай
Жүрөктү дартка чалдырбай
өтөмүнбү армансыз.

Кызыл жорго астымда минесиңби
нурдуу кыз,
Кылгыра карап жанымда жүрөсүңбү
нурдуу кыз.
Кылым баса арыбас кызыл сүйүү карыбас.

Кызыгын бирге таталы
Кылчаңдабай бир өмүр сүрбөйсүңбү
нурдуу кыз.

Көп сүйлөбөй ачылып,
Күмөндөр болуп күз кетти.
Бир ойду айтпай жашырып,
Бекиткен бойдон бүт кетти.

Кымтыланып жамынып,
Кычыраган кыш келди.
Кыйыта албай бир сөздү.
Кыйгай салып ал да өттү.

Караймын жаздын келерин
Көп ойду айдап кетерин.
Көйгөйлүү болгон санаанын.
Көңүлүн ачып берерин.

*2011*

# КЫРГЫЗ РАДИОСУ

Таланттын үнүн улаган
Талыкпай эли тыңшаган.
Таланттын үнүн жаздырып,
Талыкпай балдар чуркаган.

Кыргызда сөздүн уясы
Кыргыздын радиосу.
Алтын сөздүн уясы
Айтылуу кыргыз радиосу.

Тан атпай үнүң тыңшайбыз.
Толкунунан чыкпайбыз.
Толкуну күчтүү сөздөрүң
Толкумайын укпайбыз.

Тоолуктардын жарчысы
Жагымдуу кабар салчуусу.
Көп жакшысын элдеги
Көңүлүнө алчуусу.

Кыргыздын сөзүн таптаган,
Кыпынын издеп сактаган.

Кызыктуу элде сөз байлык
Кыраатын айтып барктаган.

Кымбаттуу болуп мекени
Кызыл тил бүлөйт чечени.
Кулактын күүсүн кандырып
Күндө ырдайт талант нечени.

Тантытпай таасын тилиңди
Тастыктап тааныш үнүңдү.
Талыкпай сөздү таптаган.
Таанышбыз үч-төрт жигитти.

Кыргыздар баары колдошот,
Кыйырдан алкыш жолдошот.
Кымбатыбыз ушул тил
Кыярар кылдат болбосок.

Жолоочусу жолдогу
Жакындары досторy.
Жалпы тоскон кулагын
Жаңырган кыргыз радиосу.

Бүт берүүдөн тили так,
Бүт кыргызга үнүң шаңк.

Алтынга толгон казынаң.
Ачууну элдер самашат.

Кыргызда сөздүн уясы,
Кыргыздын радиосу.

*17.12.2014*

# АК БОЗ БЭЭ

Башталып кечөө түш ченде
Бапактап турду күн кечке.
Басылган жок түн бою
Айлантып баарын түз жерге.

Таңында кабак жазылып,
Булутун кууду качырып.
Апапак болгон ааламды
Көрө албай көзүм ачылып.

Ак боз бээдей суналган
Чүй тоосу жатат узарган.
Касиети ак кардын
Кайырды ойду мендеги
Качандыр эстен чыгарган.

Төрт-беште бала кезимде.
Туюмдар аруу сезимде.
Чоң атамдын чапчактай.
Ак боз бээси бар эле.

Башына жүгөн катпаган
Жонуна тердик салбаган.

Үйүрүндө жайлап кыш-кыштап,
Үйрүлтүп үйдө бакпаган.

Кыш бүтүп ала жазында
Кулундардын астында.
Чидээрлеген ак боз бээ
Үйүрүн кашчуу алыска.

Куюндай желди сапырып,
Кулагын ылдый жапырып.
Төрлөргө барып ак боз бээ.
Төрөчү көздөн жашынып.

Кызганып эмне кашчу эле,
Кыйкырып издеп атчу эле.
Көз көрбөс жерден кулундап,
Ээрчитип кайра кайтчу эле.

Кара боз кулун бир жылда
Кубанып турчу жанында.
Гүлсары кулун бир жылда
Күлмүңдөп турчу чынында.

Арышын керип ак боз бээ
Алыска сапар алгансыйт.

Аппак кар жапкан Чүй тоосу
Ак боз бээ болуп калгансыйт.

Чаткаягы чатырап
Түндүктү карай сызгансыйт.
Жал-куйругу жазылып,
Сапырып шамал тургансыйт.

Ар кышта тоосу кар баскан,
Алыстан көздү арбаткан.
Ак боз бээ болуп жүгүрүп,
Арзыган жерге бараткан.

Арзууда карап Чүй тоосун
Атамдын эстейм ак бозун.
Алыстап кетпей ак боз бээ
Айылда жүргөн болбосун.
Торолтуп тууган кулунун.
Тоолордо жүргөн болбосун.

*28.12.2014*

# АК ҮЙ ЭПОХА

*(Поэма)*

## I

Тереңге түшүп кетерде
Теңирим бизди жалгаган.
Кутуңдан айдап кетерде
Кудайым бизди сактаган.

Чогултуп элди тентиген,
Чок үйлөп очок жээгинен.
Чоң-кичине чогултуп,
Чогуу болуп энчиден.
Жаңылап жамаат болушту
Бутуна туруп телчиккен.

Андан соң согуш дал келди,
Канча эрлер ага жан берди.
Бирдиктүү элдин күчүнө
Билгендер кийин таң берди.

Согушка кеткен жаш балдар
Солкулдап турса башкалар.
Согуштун ташы кайраган
Сыймыктуу ата болду алар.

Оорун жүктүн көтөрдү,
Ооруга жардам өтөдү.
Онтогон элдин кайгысын.
Ордунан алып итерди.

Курду алар куруп талбады,
Курганын колко кылбады.
Куруучу алган чоң бакыт
Кубанды, куруп жыргады.

Суу жайса жери көгөрдү,
Мал бакса малы көбөйдү.
Үйлөнсө кут таап бүлөсү
Үзүлбөй куушуп төрөлдү.

Ондон кем туубай апалар,
Оор дебей турду аталар.
Оюлган калктын кемтигин
Толтуруп турду бат алар.

Аптапта сууга барышты,
Арпа айдап буудай багышты.
Арасында ой-кырдын
Чалгы алган чөбүн чабышты.

Ар жылы кылган эмгеги.
Акча алып арбын келбеди.

Ар күнү максым бир бидон.
Ачкамын кокуй дебеди.

Чабандар басып тоо-ташты,
Чарбаны түптөй баштаашты.
Чаалыкпас экен буларда
Чала иштеп таштап качпашты.

Беш жылдап малын сакташты,
Бел чечпей эмгек арнашты.
Беш жылдап кылган эмгеги
Беш эсе малдын башы ашты.

Он жылдап малын сакташты,
Ордуна жылуу жатпашты.
Орундуу эмгек үзүрү
Он эсе малдын башы ашты.

Түштүктө пахта өстүрдү,
Түр жемишин септирди.
Түйшүгүн тартып балдар да
Түйдөктөн пахта үстүрдү.

Арбытып жылда пахта алды,
Агылган желге кактады.

Атагы чыгып алыска
Ак алтын алган макталды.

Борбордогу жумушчу
Билегин түрүп турушту.
Бизде жок бийик үйлөрдү.
Бир-бирин улай тургузду.

Билим өстү шаар өстү,
Билинбестен баары өстү.
Бир кездеги жокчулук
Биз басчу жолдон ары өттү.

Түштүктөн түндүк кыз алып,
Түбөлүк болчу кут алып.
Ачууга келген кудалар
Кете албай турду тушалып.

Түндүктөн түштүк кыз алып,
Түйшүктүү колу узарып.
Сеп алып барган кудалар
Сегиз күн жатты тушалып.

Эзелки кыргыз санат да,
Элимде турду алака.

Эсирип колун силкибей
Эл сыйы сыйды жарата.

Ынтымак болуп эл ичи
Ырыска толо беришти.
Эл иштеп башын көтөрбөй
Эмгектен тапты жемишти.

Туйтунуп жылкы айдады,
Туйлатып кулун байлады.
Туягы кечип туланын.
Төрлөрдүн төрүн жайлады.

Койлору жайлап корумдай,
Тетири басып тосулбай.
Теңири Ала-Тоону ак кой
Ээледи алган доосундай.

Төрт түлүк малы төрдө ыңкып,
Кылкандуу эгин түздө ыңкып.
Түптөлүп айыл-кыштагы.
Түзөлүп турду жыл артып.

Балдары-кызы баары окуп,
Басынган турмуш оңолуп.

Бейкапар бир доор болуптур
Бейпайда заман жоголуп.

Турдакун ата баш болгон
Бүтүн кыргыз колдогон.
Биригип ак үй тургузду
Бийикке элди жолдогон.

Билимдүү балдар келсин – деп,
Бийиктикке элди үндөп.
Акылдуу балдар келсин – деп,
Ынтымак элге берсин – деп.

Аталар кылган ак тилек
Арада калды жан үрөп.
Алмашып кетти замана
Карасы агын түрткүлөп.

Аталар курган чоң дөөлөт,
Ай чапчып турган зор дөөлөт.
Он жылдап кулап баратты
Дыбыш турду гүүлдөп.

## II

Ал заман кымбат билгенге,
Азыр ал кетти тереңге.
Аржактап күлүп артынан
Арсыздар келди беленге.

Жаш ажо көпкө жатпады,
Эски жол менен баспады.
Эркин сөз берип элине
Өзүнө ноктоо такпады.

Империя өлгөндө
Эгемендик келгенде.
Издетпей келген эркиндик
Чоң дөөлөттү бергенде.

Анан чыкты го баары көөлүгүп,
Ар бири Манас көрүнүп.
Аярлап үйгө жата албай.
Аларың турду ээлигип.

Анан арамдар чыкты элирип,
Ар бири Манас көрүнүп.
Аз эмес да, көп эмес,
Ак үйгө көңүл бөлүнүп.

Аталар курган ак сарай
Аренага айланды.
Ала куш жору, кулалы
Ат өлгөндөй айланды.

Көрбөдүм курган үйүңдү
Көз токтой турган бийикти.
Көрбөдүм көздү толтуруп,
Көңүлдө калган ишиңди.

Кайрылуу сөздөр көп болду,
Кадамдуу иштер жок болду.
Оброй алып чет жерден
Очкосун улам топтоду.

Чет элден мактап койгонго,
Жетишип турду момпоё.
Жеңин түрүп кирищти
Жамааттын күчүн жойгонго.

Жети жолу өлчөбөй
Жерин кести керчөөдөй.
Энчи деп болуп жиберди
Не кылганын тескебей.

Техникасы чачылды,
Дыйкандын оозу ачылды.
Тыптыйпыл кылып чарбаны
Эми малчыга колун матырды.

Жөн киши кылбас адатты,
Хан кылып элди каратты.
Жетимиш жылы жыйылган
Малды элге кайра таратты.

Жыйгандан чачкан оңой да,
Курганын бузган оңбойт да.
Кылардан мурда жөн киши
Арт жагын дагы ойлойт да.

Ойлогон ою болбоду,
Ойрон кылды ак койду.
Бир түркүккө бирден кой
Байланды көчө бойлору.

Беш шишеге бирден кой
Сатылып турду кайран кой.
Сарт казакка арзанга
Агып кетти кайран кой.

Менги баба тукуму
Кор болгону ушубу.
Миллион башты бүт чачып,
Ажонун жолу бузулду.

Баш көтөрбөй жалпыбыз,
Маң болду билбей калкыбыз.
Батыштан алган мактоого
Мадырандады башчыбыз.

Андан да терең кирищти
Эми чоң мүлккө салды жүрүштү.
Чочубастан ажобуз
Чогултуп кылып бүтүмдү.

Чоң заводдорду токтотту,
Чоңдорго сатып октотту.
Ичинде не бир станок
Дүң сатыкка коюп койду.

Ишканалар бөлүндү
Жамааттарга берилди.
Жарым тыйын жанда жок
Жамааты сатып сөгүндү.

Чогултуп элин келгенди
Жетекчилер ээледи.
«Айланайын Акаев
Пейилиң кандай кең» – деди.

Мандайына коюшуп,
Мактап турду баарына.
Кошомат койду союшуп,
Таптап турду далыга.

Өтүмдүү болуп байкелер
Өзгөчө куу да айлакер.
Очорулган өлкөнү
Тоноп турду шайкелер.

Интеллигент байкелер,
Демократ айлакер.
Үйрүлүп үйрүн чакырып,
Тарп тытып турду шайкелер.

Ансайын ажо барк алды,
Атагы чыгып таш жарды.
Коштоп жүргөн канчанын
Чырагына май тамды.

Бирдиктүү чарба бүлүндү,
Бырчаланып тилинди.
Византия кургансып,
Биздин ажо сүйүндү.

Желдеттер турду желигип,
Жел тамандай ээлигип.
Жардамга келген акчалар
Чөнтөккө турду бөлүнүп.

Эмне айтчы калды бүлүнбөй,
Ээбиз турду күлүңдөй.
Эл көрбөз эшик артында
Эркеайым турду көрүнбөй.

Өлкөнүн мүлкүн талашты,
Үлүшүн үйдө санатты.
Аталар курган Ак үйдү
Арамдар басып баратты.

Бүткүл эл калды жумушсуз,
Курган эл калды куруусуз.
Кылайын десе мээнет жок
Куйкасы турду курушуп.

Чогултуп элин келгенди
Жетекчилер ээледи.
«Айланайын Акаев
Пейилиң кандай кең» – деди.

Мандайына коюшуп,
Мактап турду баарына.
Кошомат койду союшуп,
Таптап турду далыга.

Өтүмдүү болуп байкелер
Өзгөчө куу да айлакер.
Очорулган өлкөнү
Тоноп турду шайкелер.

Интеллигент байкелер,
Демократ айлакер.
Үйрүлүп үйрүн чакырып,
Тарп тытып турду шайкелер.

Ансайын ажо барк алды,
Атагы чыгып таш жарды.
Коштоп жүргөн канчанын
Чырагына май тамды.

Бирдиктүү чарба бүлүндү,
Бырчаланып тилинди.
Византия кургансып,
Биздин ажо сүйүндү.

Желдеттер турду желигип,
Жел тамандай ээлигип.
Жардамга келген акчалар
Чөнтөккө турду бөлүнүп.

Эмне айтчы калды бүлүнбөй,
Ээбиз турду күлүндөй.
Эл көрбөз эшик артында
Эркеайым турду көрүнбөй.

Өлкөнүн мүлкүн талашты,
Үлүшүн үйдө санатты.
Аталар курган Ак үйдү
Арамдар басып баратты.

Бүткүл эл калды жумушсуз,
Курган эл калды куруусуз.
Кылайын десе мээнет жок
Куйкасы турду курушуп.

Дыйканга үлүш жер берди,
Өлсөң сен өлө бер – деди.
Малын бөлүп малчынын
Бардыгын нөлгө теңеди.

Жулгандар жулуп турушту,
Көп олжого тунушту.
Жумушу жок курган эл
Билбеди эмне кылышты.

Талаада кыргыз эл калды,
Таалайын ажо жеп салды.
Ушактап ууру кыла албай.
Үмүтүн сүйрөп сандалды.

Балдарды, жанды багууга,
Бардык эл кетти сатууга.
Балдарды сүйүп, жар сүйүп
Болбоду үйдө жатууга.

Чаар каптарды көтөрүп,
Чагымдуу жолду бет алып.
Чачырады кыргыздар
Чарчаган буту тушалып.

Дунгандын алып товарын
Көтөрүп күндө базарын.
Дүпүлдөп дүйнө кезишти.
Кыз-келин, кыргыз агайин.

Эрлерден чарчап күч кетти,
Келинден болгон нур кетти.
Кредит менен процент
Кейитип турду жүрөктү.

Эптешип оокат кылышты,
Энелер бала багышты.
Аялдар алыс аттанып,
Эрлери үйдө калышты.

Кээ бири кетти үй таштап,
Бүлөө бар дебей кылчактап.
Эрлери казан кашында
Арактан издеп ырахат.

Канча бир тагдыр бузулду,
Жакшы өмүр кандай кысылды.
Жадырап турган жарлар жок.
Жалаң пайда издеп жулунду.

Бири-бирин кулга сатышты,
Бир жүрсө алдап жатышты.
Өзгөрдү кыргыз кулк-мүнөз.
Өзгөрдү дүйнө таанымы.

Он жылдап тентти замандаш
Ой кырга адам бара албас.
Ойрон болуп отондо үй.
Орго айланды каралбас.

Арактын туулду күндөрү
Айылдар бүтүн бөлөндү.
Соо жүргөндөр чанда аз
Соолугандар көбөйдү.

Билбестен кылган башкаруу
Бүт элди жутка алпарды.
Биздин эл тапкан ырыскы
Билармандарга таланды.

Калың эл тарткан азапты,
Көсөмдөр көрүп бакпады.
Билмек түгүл эл үнүн
Бийликке өзүн таптады.

Бүт законду өзгөрттү,
Элди алдап дагы сөз берди.
Түшпөс хан болуп калууга.
Эми түздөн тап берди.

Желдеттерин бурады,
Берген жемин сурады.
Элди алдап, жеш үчүн
Эми бөлтүрүктөрүн чыгарды.

Он беш жыл кылган сабырды.
Ошондо бүт эл жарылды.
Ойрондон бийлик алууга
Очогун көздөй жабылды.

Түркүк деп жүргөн сабырды,
Түйшүктүү элиң жарылды.
Түбүнөн жулуп салууга
Түп бийликке жабылды.

Аталар курган Ак үйдө
Айгышкан кармаш башталды.
Ар этажын талкалап
Ар кайсы жерден өрт чалды.

Ажону калды жашырып,
Андан соң кетти качырып.
Келгенде эли тосту эле
Кетти го элден жашынып.

Кай жактан келсе ал жакка.
Кайрылгыс кетти ал ака.
Кара так болду кыргызда.
Акаев келген эпоха.

Биз билгенден билимиң
Бийик эле Акаев.
Бийликти үйгө айлантып
Белде калдың кашайып.

Бир айымга бербестен.
Бийликти өзүң алп кетсең
Болбойт беле ажайып.
Коомдун бардык катмары.
Колдодук эле Акаев.

Катынга коомду бийлетип,
Коңулда калдың кашайып.
Коомду урмат кылганда
Бошотуп ордун жылганда
Болбойт беле ажайып.

## III

Жибек жолдун боюнда
Эчтеме жок оюнда.
Үйүндө жатса манты жеп
Убакыт бербей тоюуга.

Жарым ачка байкушту
Алып келди ажо болууга.
Айнып артка кете албай.
Аргасыз макул болду да.

Өңүмбү деп каранып.
Тишинен тилин чыгарып.
Эңсеген манты жегенге эми
Ээрдин турду жаланып.

Акаев кетип тереңге.
Бакиев келди беленге.
Акаев чапкан даңгыр жол
Асылдан калды белекке.

Көпкө ойлонуп турбады,
Алдамчы жүрүш кылбады.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эки колго кармады.

Эки деген эмине
Сегиз колго кармады.
Бакиевдин балдары,
Балдарынын балдары
Сары эсепке салбады.

Аржакташып күлбөдү,
Ажылдашып жүрбөдү.
Сегиз баштуу ажыдаар.
Сезимдерди сүйбөдү.

Элди кана бийледи
Эл алдында бийледи.
Эчтемеден сезтенбей.
Миллионду сүйлөдү.

Акаевдин мүлк жемейи
Артта калды шоона эшпей.
Баары турду сатыкта
Бай маркетте текчедей.

Бийликтеги орундар
Бирден-бирден коюлду.
Баасын тескеп алардын
Бакиевдер чоюлду.

Бүткүл мансап дүйнөсү
Акча издешип дүрбөштү.
Алды кэзси насыя
Алсызы өнөк издешти.

Дордойдогу базардай
Дорбо тыккан азардай.
Касиети кыргыздын
Калды кырды ашалбай.

Министр орду сатылды,
Миллионерлер шашылды.
Депутат орду сатылды,
Делбелер да чачылды.
Баарын сатып алган соң,
Бир команда аталды.

Алар кайда кете алат,
Алган оордун бет алат.
Кызматка берген акчасын
Калктан саашат чакалап.

Бүт бийликтер мурдагы
Билбеген мындай биржаны.
Битин да коюп сатыкка
Бир туугандар жыргашты.

Эл баатырлар биздеги
Эч кими кабак түйбөдү.
Энчисин алып жаткансып,
Ээсин мактап сүйлөдү.

Тилин жалап жыланы
Тим жатабы турабы.
Алтындан айла табууга
Тиги «Ак жолдон» чечим сурады.

«Ак жол» отказ кылабы
Кожоюн өзү сурады.
Жылан жакшы сактайт – деп,
Алтынды дагы сунады.

Кызарган жерди калтырбай
Кесип турду бакыйып.
Кеңеш берип алыстан
Кейип турду акыйып.
Кыркылган кыргыз намысы
Кыкта жатты ийилип.

Калк баатырлар биздеги
Кайрат болуп бербеди.
Баатыр ким да, бакыр ким
Байкуш элим билбеди.

Өз тагдырын утурлап,
Элим кетти чачырап.
Алыска алы келбеген
Айылда калды салбырап.

Коңулдан башын чыгарып.
Кобра турду буралып.
Койкоң чыккан башынан
Тили чыкты жаланып.

Тилден кийин капталдан
Жарышы жети баш чыкты.
Жетинчи туулган өзүнөн
Сурап турду пастыкты.

Эки жыл, үч жыл өткөндө
Жети баштуу өскөндө.
Биздеги болгон байлыктын
Бардыгына жеткенде.

Банкын банктай саттырды,
Бербегенин жаптырды.
Кенди кендей саттырды
Келбегенин азгырды.

Сууну суудай саттырды
Сугалагын арттырды.
Жерин жердей саттырды
Тизмесин узун сап кылды.

Ишкерлерин чакыртты.
Пайдасын чотко кактырды.
Ар бир айда пакеттеп
Пайдадан салык алдыртты.

Жетимиште адамдан
Жети жашта баладан.
Жел аркылуу сүйлөшсө,
Акча алмай болду алардан.

Бүт эл калды тумоодо
Жети баш турду сыноодо.
Жеке башын көтөргөн
Жер төлөгө кыйноого.

Сарандын жайын табышты,
Сатылбаса атышты.
Секрет билген досторун
Себептүү өрттөп жатышты.

Көбүнүн сүрүн алышты
Кэсинин ыгын табышты.
Куйругун кыпчып куулары
Америкага шашышты.

Бакиевдин заманы –
Үмүт да өчө баштады.
Үч бүктөп туруп жер тамам
Сатууга ниетин байлады.

Берээрде Теңир кыргызды
Бектерден неге пас кылды.
Берилип элге иш кылбай.
Көр дүйнө көздөй азгырды.

Эл келбей анын эсине
Эми миллиард турду көзүндө.
Жатындаштары жабылып,
Салыкты салды элине.

Ошентсе да кыргыз эл
Көк жалдардан жолдуу эл.
Акыйкатка актыкка
Уулдары бар оңдуу эл.

Колдоочу уулдар бар экен.
Коогалуу күндө дары экен.
Кокуйга түшкөн элинин
Колунан тартаар ары экен.

Арамза саясаттарга
Ар дайым кылган каршылык.
Эл жеген былыктарына
Эч сөз айтпаган жактырып.

Көпчүлүк эли колдогон
Көк жалдар жолун жолдогон.
Көп жылдан бери көгөрүп,
Көйгөйүн элдин коргогон.

Акаевди да жайлаган,
Бакиевди да шайлаган.
Баштарын байлап канжыга
Баш көтөрүштү кайрадан.

Атамбаевдер форумдан
Агылып абдан чогулган.
Текебаевдер тезинен
Колдоосунда болушкан.

Жөнөкөй элдер, жөө эрлер,
Көксөөсү бар көп элдер.
Көк жалдардын артында.
Тирек болуп турушкан.

Кыжыры толгон калың эл,
Каптачудай кара сел.
Ак үйдү көздөй агылды
Күч жоктой алар тең келээр.

Аталар курган Ак үйдө
Кайрадан кармаш башталды.
Сөз менен кармап турууга
Болбоду эми жаштарды.

Темир тордон өтө албай,
Терендеп ичке кире албай.
Тегеренип турганда
Теминишип жете албай.

Ак үйдөн мылтык атылды,
Агылган элди жапырды.
Анда-мында ар жерде.
Балдарга октор жаңырды.

Кара асфальт канга боёлду,
Кайрат-күч кайра ойгонду.
Капкасын таран талкалап.
Калың күч Ак үй бойлоду.

Жыландай тилин чыгарган,
Жылмакай ээрдин жаланган.
Жылас болсун тукумуң
Жаш балдарды сулаткан.

Беш жылы элди бийлеген
Беш тыйын пайда бербеген.
Бешенесин кыргыздын
Жөөт уулуна тергеткен.

Мындай чөөгө кандай сот,
Каракчыга кандай сооп.
Кан боёнгон кыргыз эл
Кайыптан айтаар сага жооп.

Каракчы качып калк калды.
Казынасы бош калды.
Кыянат кылган элине.
Кыраандар менен даңкталды.

Акаев багып эттенген
Бакиевде да көктөгөн.
Кыргыздын шылуун бендери
Ак үйдөн алыс кетпеген.

Алыс кетпей турушту,
Аластап түлөө кылышты.
Ким келсе да ал келсин
Кийирүүгө сунушту.

Бирди ал десе төрттү алган,
Төрттү ал десе көпту алган.
Кайран калктын байлыгын
Эчак эле жеп салган.

А менен Бнын маркасын
Бет кап кылып кармаган.
Аркы-берки дүйнөнү
Алакадан кеп кылган.

Бет каптарын алышты,
Беленденип калышты.
Түткүлөшүп бири-бирин.
Түкшүмөлдөп жатышты.

Төңкөрүштүн балдары
Бул жолу тыкан караштты.
Ыр-чырга калыс болууга.
Розаны шайлашты.

### IV

Убактылуу өкмөтү
Удургуган тентекти,
Уучунан учуп бийлиги
Улуп турган балтекти.
Улутчулдар уюшуп
Ууланта турган шар кетти.

Токтоолук менен токтотту
Баш барына эми окшотту.
Кыргыздын калыс балдары
Розаны колдошту.

Алсыз турган өкмөттү
Алгоолошуп сүйрөштү.
Арамга барба элим – деп,
Алмак-салмак үндөштү.

Аракет текке кетпеди,
Чыр тереңге өтпөдү.

Чапкылашып күн-түнү
Эл тынчтыгын эптеди.

Элге тынчтык келгенде
Убактысы өткөндө.
Розага ырахмат,
Өз сыйы менен кеткенде.
Калк ичинен колдоо алып.
Алмазбек такка келгенде.

## V

Ыйкы-тыйкы башталды
Ызы-чуугa коштолду.
Күндө бирден митинги
Элде тынчтык болбоду.

Ак үйгө кимдер чыкпады,
Ариялар ырдалды.
Өзүн өзү өрттөшүп,
Өмүргө дагы сыйбады.

Өкмөттөн ордун таба албай,
Өкүрүшүп ыйлашты.
Өзүм үчүн, өз үчүн
Өзгөгө сыйлоо кылбашты.

Бүт жер жүзү жарданып
Карап турду таң калып.
Күндө бирден митинг
Көңүл турду арданып.

Байыркыбыз деген эл
Биримдикти билбеди.
Бийлик үчүн жулунуп
Бири-бирин жутуп иеби.

Биле албадым мен муну
Башым маң болуп көз тунду.
Бүткүл үмүт тилекти
Бийликке күрөш жеп турду.

Ар бири Манас көрүнүп,
Атын турду теминип.
Арың менен намысың
Алыс кетти бекинип.

Кошуналар өрүштүү
Шылдың кылып күлүштү.
Көнүп калган шайкалар
Калкты жиктеп бөлүштү.

Ал жайы жакшы коңшулар
Аржакташып күлүштү.
Арсыз биздин арамдар
Ар урууга бөлүштү.
Акча, аракка алдашып
Аларды курал кылып келишти.

Жыйырма жыл мурда ынтымак
Очокто турду ымтырап.
От жагып баш-көз болчулар
Тойлордо жүрдү жылтырап.

Тоё жеп ынсап кылбады,
Тойлордун ырын ырдады.
Түнкүсүн тойдо, күндө Ак үй
Токтобой митинг жылдады.

Карапайым элде эмне айып,
Кайда айтса барды тампайып.
Карт кекирип кап сылап
Кара күч турду кампайып.

Калк өссө ага эмне олжо
Кап курсак калар чоң жолдо.
Ууру жол менен жүрчү эле
Уурусу чыгар болжосо.

Кабинет сурап турушту,
Бербесе байкот кылышты.
Бетине кармап шылтоону
Бейкүнөө жолду буушту.

Баш закон жаңы алганда
Бийликке көбү барганда.
Бирдиктүү иштейт дешти ко
Бири-биринен жазгана.

Бирдик мында да болбоду
Бириндеди оңбоду.
Бир жылды толук олтурбай
Өзгөртүп өкмөт сомдоду.

Өкмөттөр болду чаржайыт.
Өтүүдө өмүр картайып.
Өзгөрүү болбой койду го
Өжөр күч жол бууп кашайып.

Кара күч дайым жеңбеген
Эрк болор аны теңдеген.
Кармашып жеңип келатат
Алмазбек моюн бербестен.

Бурган жакка баспады
Буулукса дагы шашпады.
Бузулган малекетин
Бузугун оңдой баштады.

Даткайым кемин чордону
Дайынсыз эле болжолу.
Даярдап ишке киргизип,
Даректүү ишти оңдоду.

Түштүк-түндүк жол ачылса
Түйшүгү элдин басылса.
Түз каттап ага туугандар
Түпөйүл ою жазылса.

Үч каскад ишке берилсе,
Үй жылып свет кеңейсе.
Көп бүлөлүү кыргыздын
Көңүлү айга теңелсе.

Деген дагы көп планы
Укканда көңүл кубанды.
Байыркы кыргыз дөөлөтү
Байыр алып келген турабы.

Жегиштен жаман ооз күйдү,
Желмогуздардан таш күйдү.
Далай жыл артта калдык биз
Тарыхтуу намыс баш ийди.

Оңойм деп эрлер келгенде,
Ой акылын бөлгөндө.
Ошол мезгилин кетирбей
Обдулгун жардам бергенге.

Эл менен бийлик бирдиктүү,
Эл болсо берер бийликти.
Эл деген кана эрлери
Элинен бөлөт түйшүктү.

Ишеним кылуу кокуспу,
Ишеним сыйлоо чокусу.
Эл ишенимин алгандан
Эмне бар бийик топулуу.

Чейрек кылым чилиштик
Ченечи эмне бериштик.
Ченебей пейил ынсапты
Чекеңе буюм бөлүштүк.

Эзели эмгек кылбадык
Элдеги бийлик уурдадык.
Эмнеге артта калдык биз
Эсирип жүрүп туйбадык.

Балким, бир эске келээрбиз,
Баштуулга колдоо берербиз.
Башмалдырык атышпай
Башты бир элге теңербиз.

Кыргыз эл кимден кем эле,
Кыйыр туугандарга тең беле.
Өзүбүз өздү жегендей
Өкүнүч туулган эл беле.

Өткөн тарыхың жок беле,
Өрнөктүү кишиң бош беле.
Өкүрөңдөп тургандай
Кыргызга кыргыз өч беле.

Билгенге баба мурасы
Бизде бар тобо кылалы.
Тобо кылып тим болбой
Топтошуп эстеп туралы.

Пейилди кенен таштайлы,
Биргелеп намыс таптайлы.
Бириндеп бир иш чече албай
Бөтөнгө колтук ачпайлы.

Корук жер турат корулбай.
Орук жер калды орулбай.
Орошон озгон замана
Эл-жерди турат такымдай.

Бири-бирибизди сыйлайлы,
Кыянаттык кылбайлы.
Биримдик бизге келгенге
Бирдиктүү күчтү жыйнайлы.

Кабарсыз кеткен ынтымак
Кайрылсын бизге кутулап.
Кайрымдуу эле кыргыз эл
Кылышар өзгө сый-урмат.

Алыстан кетип баратып,
Ак үйдү кез-кез карашат.
Ак үйдөн канды жалашып,
Ак үйгө үмүт жаратат.

*13.12.2014*

# ТОЙ

*(Жомок)*

Тойдон тойго жашаган,
Токтунун этин ашаган.
Тоюң тойго улан – деп.
Тоёо жеп берген батадан.

Тойдон тойго жашаган,
Тайдын этин ашаган.
Топондошуп бардыгы
Токчулук каалап жашаган.

Тойду сүйгөн кыргызым,
Тойкана толо тургуздуң.
Тойго арнап толо байлыкты
Тойго чоң маани кылгыздың.

Кыргызда бир иш козголду,
Калк ичи тойго толбоду.
Канча көп кылсак болбоду.
Той жылы деп бир жылды
Берип койсо болбойбу.

Ушундай чоң иш көтөрүп,
Бардыгы муну колдошту.
Ушундай план жетилип,
Байсалдуу жолун жолдошту.
Байгерчилик заманда.
Бапыратып баарына
Той берүүнү ойлошту.

Бүт дүйнөгө жар салып,
Той жылы деп аташып.
Көп эл турду түшүнбөй
Көп ойлору чаташып.

Кайсыга кыргыз той берет,
Напсисин эмне кой берет.
Көп элдердин кедейи
Көп чыгымды ким берет.

Кимдин кандай иши бар,
Кыргыздардын иши ал.
Өнүгөбү-өсөбү, өнүкпөйбү-өчөбү
Той берүүгө күчү бар.

Андай талкуу болбоду,
Ар-ар жерден агылып,

Акылдуулар топтолду.
Айтылган соң той жылы
Азыр алар болжоду.

Мындайды тарых билбеген
Алалы десе үлгүдөн.
Андыктан адам чакырды
Арабызда билгиден.

Бир ай дымып жатышты,
Билгилер ойлоп атышты.
Бир ай толук бүткөн соң,
Билгенин акыл салышты.

Билбегем мындай тарыхты
Бийлик өкмөт баарысы.
Билгилер айткан акылга
Макул болуп калышты.

Бир сөз үчүн тытышкан
Бири-бирин көрсө кычышкан.
Элинин жигин бөлгөндөн
Эсепсиз упай утушкан.

Кыйкым издеп турушкан,
Куйкасы куурап курушкан.

Кыйындыгын билгизип
Кыя өтпөгөн сунуштан.

Кыйдылар макул болушту
Ынтымактыр баары – деп.
Сыйлуулар макул болушту
Ичип-жейбиз баарын – деп.

Суу куйдулар макул болушту,
Той башталбай толкушту
Түгөлү макул болушту.
Көпчүлүк бүтүн колдогон
Көрбөгөм мындай жорукту.

Той болордо кыргыздар
Эски кегин унутаар.
Эсеп кылбай өткөндү
Кеп айтаар көңүл жылытаар.

Бүт эл турду стартта.
Жеке иштерди кыскарта.
Кары-картаң, чобуру
Калмай болду тыл жакта.

Жел таманы жээликти,
Желге бербей ээликти.

Желип турду бул чиркин
Эс алдырбай көөлүктү.

Шашмасы да шашылды,
Шаштырып коңшу бакырды.
Шашманын иши шайма-шай
Шаңкылдап көңүл ачылды.

Жылжымышы жылжыды,
Кыймылдады кыбыры.
Элди көрүп дүргүгөн
Өзгөрдү жүрүм-туруму.

Баары турду чайпалып,
Кайсы бирин айталык.
Тоодой болгон чоң жумуш
Тойго болгон даярдык.

Мамлекеттер аралык
Масштабы болгон соң,
Той жылы кылып өкүмөт
Өзү уруксат берген соң.

Бардыгы эске алынды,
Пландалды жазылды.

Кетер чыгым акчалар
Чен-өлчөмү саналды.

Бүтүн келим-кетими.
Кеңешчинин өтүмү.
Майда ыгым-чыгымы
Малдын соёр согуму,
Жашылча жер-жемиши,
Жаңгак, өрүк, мейизи
Суусунуна кымызы.
Сүзмө, жарма бозосу.
Мөмөлөрдүн маңызы.
Баарын жазып алышты,
Эсеп чотко кагышты.

Жер-жерлерде эрлери
Демилгени демдеди.
Малдарын бордоп союуга.
Ниеттерин бергени.

Даярдыктар башталды,
Далай ойлор тапталды.
Боло электе бул тойдун.
Даңкы күчөп таш жарды.

Телелерден байма-бай
Берип турду жайма-жай.
Кабарлардан байма-бай
Какшап турду жайма-жай.

Каршы коюп экөөнү
Кабарчы жатпай бекери,
Кайрап турду кайрактай
Кыйкырык үндүү көкөнү.

Бир киши сыртта калбады,
Бүт баарын бул той арбады.
Бизге кандай кызмат – деп,
Билгиси келди балдары.

Кары-картаң жактады,
Кабарсыз үйдө жатпады.
Кылымдын тоюн көрүүгө
Кыйла жашка жашарды.

Кыз-келин күнү туулду,
Кыялы көксөп уу-дууну.
Эсире эңсеп турушту
Элестей албай болчуну.

Эрлери эркек балдары,
Чекене ишке барбады.
Тойду ойлоп той деп жатышып,
Тоё арак ичпей алданды.

Тээжиктин үнү токтоду,
Тетири иши болбоду.
Териси бир топ жазылып,
Той жөнүндө ойлонду.

Сезбегем мындай кызыкты
Серпилип кыргыз унчукту.
Себепсиз кеткен ынтымак
Серүүдөн башын кылтыйтты.

Эң оболу ойлонду,
Кай жерге тойду беришти.
Чакырылган коногу
Канча адам тойго келишти.

Соо киши үйдө жатпастыр
Келгенге тыюу салбастыр.
Бүт Кыргызстан чогулса
Бир дагы жайга батпастыр.

Сырттан келген коногу
Сыйкырдуу болсун жомогу.
Сыймыктап бийик тоспосо
Сыйлоонун куту болобу.

Ары ойлонуп калчашты,
Бери ойлонуп болжошту.
Акыры асман астында
Узун стол дасмалга
Акылдары токтошту.

Сары-Өзөн Чүйдүн узуну
Сары эсеп менен бычылды.
Санына карап бөлүштү.
Саналып ар бир улусу.

Жалпы иштерди жасоого
Өкмөтү турду белденип.
Өз бөлүгүн тейлөөгө
Район милдеттендирип.

Ар кимге ишин бөлүштү,
Акарат кылбай көнүштү.
Аракет элден болгон соң,
Арты эмне ыйлай бериштин.

Сибирге заказ кылышты,
Составдап тактай алышты.
Жүздөгөн узак чакырым
Узарган стол салышты.
Узуну менен столдун булар
Гиннеске кирип барышты.

Мындай узун дасторкон
Кимде качан бар болгон.
Үстөлдүн энин көргөн соң
Үстүнө көңүл токтолгон.

Жарданып жүргөн калайык
Дасмалын көрүп алайып.
Сокур намыс, соо намыс.
Баары көрдү даярдык.

Мал семизин жебеди
Мааратып тойго көздөдү.
Уюн саап, сүтүн ичпеди
Уютуп тойго түздөдү.

Бээ саап кымыз бербеди
Бекитип күзгө демдеди.
Мейиз, кагын сатпады,
Не бирин кошуп сактады.

Жер-жемишин, эгинин
Бышар күз тойго арнады.
Акчадан канча топтошту
Айта албайм аны болжошту.

Пейилдер турду ыр ырдап,
Ынтымак коштой дыңылдап.
Ыраатты менен ойдогу иш
Жүрүп жатты жымылдап.

Келиндер турду ыр ырдап,
Жигиттер коштой зыңылдап.
Жигердүү болуп ойдогу иш
Жүрүп жүрдү зымылдап.

Уздары сунуш кылышты,
Угузуп оюн турушту.
Ак элечек, ак калпак
Тигерин тилек кылышты.

Чоң тойдун кылып белгиси
Чоң заказды беришти.
Чогулуп алып уздары
Чоң ишти тигип кириишти.

Оймосун түрдөп оюшту,
Өзгөчө белги коюшту.
Кыргызда түрдүү элечек
Кыйырга маалим кылышты,
Кыйла ойду ойлоп турушту.

Айтылуу биздин ак калпак
Салттуулугун так сактап.
Анын да нечен түрлөрүн
Тигишмей болду ардактап.

Ак калпак менен элечек
Айтууга оңой дебесек.
Акыл ой чебер кыялы
Кыргызды жүргөн жетелеп.

Алтын баш сактап жүрүүгө
Адамга арнап берилет.
Ааламдын ачкыс сырлары
Анын символу болуп чегилет.

Тарыхтай ушул нусканы
Талашууга күч барбы.
Кайда жүрсө бул белги
Кыргыздын акылын айтып турбайбы.

Нечен бир чебер топтолду
Мекенге салым кошкону.
Акылын кошуп кол менен
Баш кийим тигип жолдоду.

Түштүктүктөй ороду
Тепкичтүү кылып додону.
Кайырып кайра жапкычын
Канча бир оймо боёду.

Таластыктай ороду.
Татаал күчтү тороду.
Татына өңү ачылып,
Тар тагдыр качып жоголду.

Түндүктүктөй ороду
Түйүмдөн канча короду.
Түптүз тогуз ороосун
Түрдөнттү сырткы кыноосу.

Баткендикче оротту
Бапырайтып зоолотту.
Байбичелер кийишсе
Байыркы күчтү ойготту.

Калпакка кыюу салынды,
Төрттөн курап алынды.
Төбөгө кийсе калпагы
Төрт багыт тең багынды.

Бир алкактуу тигилди,
Актан көзүң сүйүндү.
Бир алкактуу калпакта
Бирдиктүү аалам көрүндү.

Кыйындар уздар, чеберлер
Чекти билбейм дегендер.
Баш кийимдин түрлөрүн
Баасын көрсө эл берээр.

Уз чеберлер ичинде
Убакыт болбой кетүүгө.
Умсунай деген уз журду
Улутка жардам этүүгө.

Атасы чыгып кылымга
Аны таштапта да кыйында.
Ал болбой өзү көгөрүп,
Жиберген жардам кылышка.

Бүт элдер күчтөп болжолсуз
Акча албай алган олжосуз.
Арбытып ишти туруштту
Алгалап иши токтоосуз.

Миллион калпак тигилди,
Муну уккандар сүйүндү.
Дагы ошончо элечек
Даярдоо ишке кирилди.

Шайысыбы, жибеги
Шаттыкка эмне тигеди.
Шаштырып кытай каттамын
Шаймандуу кербен күчөдү.

Чарчаган нардай чубады
Чарчы кап салган унаасы.
Чапчаңы чалып телефон
Чарбасын тыңдап сурады.

Ала жаздагы даярдык
Саратан жайда бараттык.
Көбүн бүтүп дайындап,
Күз түшүмгө такалдык.

Ошондо анан күз келди,
Кечикпей шашпай түз келди.
Калкыңдын эңсеп бакканын.
Кейитпестен бүт берди.

Күрдөөлдүү күзүң керилип,
Түшүмүн төктү төгүлүп.
Төрт түлүк малы үмүт эткен
Торлордон түштү семирип.

Эгиндин көбү жыйылып,
Кампада турду куюлуп.
Эл күткөн тойдун күндөрү
Калкына турду туюлуп.

Калбайлы дешип жетишпей
Кабарлар кетти кечикпей.
Камдуулар келе баштаашты
Калып-калып артта демикпей.

Көчмөндөр тою башталды,
Көргөн көз көңүл шаттады.
Көөлүккө жүктөп көп жүгүн.
Көчмөндөр көчүн шарттады.

Атан төө, нар төө таап келип
Үстүнө боз үй жүктөлүп.
Бар сөөлөтү ачыла
Басканы турду бап келип.

Ат жабдыгын чыгарып,
Аргымак аты суналып.
Атадан калган кымбатын
Атына тагып кубанып.

Ар кими тойго камданды,
Айттырбай баары жанданды.
Аз-аздан тойду толуктап,
Аттуулар көчү жандады.

Теңир тоо ылдый баштанды,
Тээ илгерки көчтү баштады.
Беш жерден беш чоң көч чыгып,
Шашылды Шамшы ашканы.

Көлдөн да беш көч куралды,
Салтанат салтка уланды.
Көтмалдыда көч арты
Боом бойлой асты суналды.

Таласта төрт көч топтолду,
Талыкпай салтын коштоду.
Бел ашып Чүйгө түшүүгө
Баарына койгон шарт болду.

Жалал-Абад, Оштон да
Шарттуулар келди көчмөндөп.
Жол катаал жолу алыста, энди
Бир ирээт өлүп кетпейт – деп.

Негизи элдер келишкен,
Бөлүнгөн жерин ээлешкен.
Очогун оюп обочо
Оң жерге боз үй тигишкен.

Элдерин элдей ташышты,
Эсептей албай жатышты.
Малдарын малдай ташышты,
Малдарын таппай кажышты.
Тирликтин баарын токтотуп,
Той менен жашап калышты.

Күрдөөлдүү Чүйдүн өрөөнү.
Күү-шаага күндө бөлөндү.
Күүлөнүп алган той камы
Көңүлүн алды көргөндү.

Жөн жүргөндөр жээликти,
Ээсине бербей ээликти.
Жок мен дагы барам – деп,
Жолдон алды көөлүктү.

Жооштору да шашылды,
Жорго болуп басыгы.
Жол кире акча пул менен
Жол тосуп жетип барышты.

Жылжымышы жүгүрдү.
Көргөндөр жандан түңүлдү.
Ынды кара атилет андан.
Ашчудай буту бүгүлдү.

Жатпады эч ким жайма-жай
Жапырт жүрдү шайма-шай.
Радиотелеси
Талбады тойду кайталай.

Теледен тынбай сайрады,
Той улам жакын калганы.
Тойдун сынын сыпаттап,
Не бир көркко баптады.

Чет элден иштеп келгендер
Чындыкты көзү көргөндөр.
Көргөнүн берди көргөндөй
Көңүлдөш бизге дебеңер.

Көч көрүп алар шок болду,
Боз өңү бордон боз болду.
Көчмөндүн көчүп-конуусу
Көңүлдөн кетпес шоо болду.

Ар бир көч жандап жабаалап,
Аппарат тартып шыкаалап.
Сандаган журналисттер
Сабында жүрдү сабаалап.

Дүбүртү тойдун тарады,
Дүрбүдөн дүйнө карады.
Дүкүлдөгөн көчмөндөр
Дүйнөгө тойду каратты.

Кыргыздар турду чайпалып,
Кылымдык салтын кайтарып.
Кыпынын эстен чыгарбай.
Кыйын кезеңди майтарып.
Кам көрүү бүтүп баратат.
Кайрадан тойго кайталык.

Бардыгы даяр болгондо
Баягы жолдо жүргөндөр,
Орду ордуна конгондо.
Байма-бай учкан унаалар
Байымы сээлдеп жолдордо.
Кеңири дасмал кечээки
Жээктей айыл толгондо.

Тактады баарын такылдап,
Кем-карчын берип акылдап.
Кечикен кээ бирөөлөрүнө
Тездетип турду жакындап.

Ар жерге болгон улусу
Жүздөгөн боз үй тигишти.
Бөлүнгөн жерге батышпай
Бөтөндөн өөнөп жүрүштү.

Бийликтен келип кароочу
Даярын тактап караштьг.
Радиотеледен
Алар да тартып баратты.

Башталаар тойдун масштабы,
Жөө көргөн көзгө батпады.

Жанындан бирөө жоголсо
Жарым күн издеп таппады.

Кумурскалардын уюктай
Узарды узун сызыктай.
Токмокто башы дасторкон
Сокулук басты узундай.

Келгени дагы келип атты,
Кыйыры узап баратты.
Камы бүткөнгө чогултуп,
Кеңешчилер кеп айтты.

Үч күнгө мөөнөт берилсин
Тамак-аш камы көрүлсүн.
Арнаган малдар союлсун,
Төрт күндө тойду ачууга
Толугу даяр болушсун.

Канча бир малдар союлду,
Каңгыган иттер тоюнду.
Казандар минген очоктон
Каалгып түтүн чоюлду.

Кызарган боорсок бышырды,
Кыйыгып аба бузулду.

Эт-майдын жыты чыгдандай
Чылк жапты Чүйдөй узунду.

Маараке маарап чакырды,
Мантаңдап баскан баарыңды.
Мадыраңдаган кыргыздын
Маанайы таза ачылды.

Кудайым чындап жалгады,
Кут даарып бизди калганбы.
Күтүлгөн тойго даярдык.
Күткөндөн бийик балл алды.

Төртүнчү күнү келгенде,
Той ачаар күнү делгенде.
Төгөрөктөгү меймандар
Төп келишип бергенде.

Күткөн күн келип таң атты,
Күр жарык тарап баратты.
Күткөн эл турду жарданып,
Күтүрүп канча саматты.
Бүркөөдөй чыккан бүгүн күн
Күмөндү бир аз жаратты.

Бардыгы турду стартта
Барк алып кызмат кылганга.
Бар ниет менен жүгүрүп,
Баарына көңүл бурганга.

Күн шашкеге барганда,
Убакыт келип калганда.
Эл турду тойду ачууга
Салтанат күтүп жардана.

Толгон элди жардантып,
Той ачылбай кармалып.
Тоскоолун билбей бул иштин
Тойчулар турду арданып.

Себеби анын бар экен,
Сиз күткөн кары ата экен.
Жүздөн ашкан жүз киши
Чакырылыптыр конокко
Жүзүнчү ошол чал экен.

Алыс эмес жакында
Отуз минуттук барышта.
Уз кызы менен Умсунай
Жашайт тура карыя.

Чакыруу мурда берилген
Айтылган мурда делинген.
Таң заары бээге кетти эле
Кармалып жатат неликтен.

Утур жол карап Умсунай
Удургуйт санаа тынчыбай.
Ушунча элди күттүрдү.
Күч жетсе учуп барчудай.

Түшүнтө айтып себепти,
Күтөлү дешип кеңешти.
Туткасы болгон дүйнөнүн
(архиважный) коноктор
Алар да макул дебеспи.

Бүгүн деп тойдун болоорун
Берлетип бээсин коёрун.
Таң эрте чыгып кетти эле
Таяна тааныш тоолорун.

Жогорлоп бир аз кетиптир,
Аны ал кайдан билиптир.
Карыя ага жеткенче
Убакыт өтүп кетиптир.

Чардайган бээсин жетелеп,
Чал келет кыя төтөлөп.
Чал менен бээнин соңунда
Чалыштай кулун эркелеп.

Күн көзү бүгүн суз эле,
Жаачудай болуп турду эле.
Сансыз булут агылып.
Түндүккө сызып жылды эле.

Тез эле кетти бүркөлүп,
Жылчыгы жок бүтөлүп.
Аз-аздан жамгыр дыбырап
Андан соң кардап түнөрүп.

Ал дагы турбай ачылды,
Дал-далдап булут агылды.
Ишеним чалдын астына
Апапак булут жазылды.

Түшкө окшош абал бийледи,
Түшү же өңүн билбеди.
Жерден алып үчөөнү
Жепжеңил желдей жөнөдү.

Күтүп турган тойдогу эл
Күтүүсүз карга кабылды.
Кол чатыр издеп жүргөнчө
Тез эле кар да басылды.
Күткөндөр наалып киргенде
Күн дагы тегиз ачылды.

Туманда булут самсыган
Бозбөлтөктүн тушунан.
Үзүктөй болгон ак булут
Үйүлгөн элге келатты.
Үстүндө үчөө – чал, бээ, кулун
Көргөнгө күмөн жаратты.

Үзүктөй булут келди да,
Олтурду жерге жетти да.
Үстүндөгү үчөөнү
Үстүнөн таштап житти да.

Көргөн көз турду ишенбей,
Көп конок турду түшүнбөй.
Кандай кылган «трюк» – деп,
Көбү турду бүшүркөй.

Ишеним чалды күткөн эл
Ишенгис ишке болду дал.

Ишенбейм десе ишеним
Жанында туруп калды ал.

Бири-бирин көпкө караштьы,
Бир топко башын чайкашты.
Бир жылдай күткөн тойду анан
Биргелеп чогуу башташты...

Ошондон бери тойлору
Тойлорго келет уланып.
Тоё жеп тойдо тамактан
Тойпондоп эле туралык.

Тойлордон башка кесипти.
Билбесек эмне кылалык.
Бүт кыргыз күткөн ишеним.
Жетишпей жүрөт билемин.

Жер менен келсең жер менен,
Жел менен келсең жел менен
Элиме келчи күтөмүн.

*04.01.2015*

# КОРРУПЦИЯ

Билсең дагы билбейсиң,
Көрсөң дагы көрбөйсүң.
Көпчүлүктү кулактап,
Коррупция издейсиң.
Ак деп кимди ынактап,
Каралап кимди кирдейсиң.

Коррупция күндөшүң
Калтардай басып кылактап,
Балким, сенде жүрбөсүн.
Капыстан чыгып кучактап,
Балким, менде жүрбөсүн.

Калпагымда болбосун,
Калпактан чачка ообосун.
Чачтын түбүн уялап,
Сирке тороп койбосун.

Тери астына кирбесин,
Эт үстүндө жүрбөсүн.
Эт менен челди ортолоп,
Эсирип өмүр сүрбөсүн.

Бош көзүндө топчунун
Болбосун жибин копшугун.
Көңүлдү издеп бул кокуй
Көп ишин тыңшай болчунун.

Катарлаш өмүр сүрбөсүн,
Капилет сенде жүрбөсүн.
Түпөйүл кылып түнүңдү.
Түшүңө күндө кирбесин.

Көлөкөң болуп жандасын,
Көп жерге ээрчип барбасын.
Көрүнбөй чыккан көйгөйгө
Көпүрө боло калбасын.

Учкашып алып артына
Камчы уруп коюп атына.
Кай жакка бурсаң тизгинди
Ал жакка кошо барды да.

Себепсиз ишиң токтосо
Болчу иш дагы болбосо.
Көз боочудай болуп ал
Астынан чыгар жолдоого.

Жашоодо ага малынбай
Жашаган барбы жалынбай.
Жай турмуш өскөн кыргызды
Жайпады ал бир агымдай.

Жалкоолук менен түркөйлүк,
Ак-карасы бирдейлик.
Ажыратпай баратат
Айтчы аны кимден издейлик.

Китин киттей кармашты,
Майынан самын жасашты.
Битин биттей кармашты,
Канын сыгып жалашты.
Акула менен азыр да
Жүргүзүп жатат кармашты.

Жырткычтардын ичинен
Акула тайбай күчүнөн.
Гарпун сайса өтпөсө
Кайырмак салса илбесе.
Жардырып аны ийүүгө
Жарлыктын күчү жетпесе,
Кара күчтүн өзү экен.

Менде, сенде жүрсө ал,
Мээбизди бузуп бүтсө ал.
Менменсиген жигитти.
Мекени менен жутса ал.

Кекиртегин буусакпы,
Кеткиниң – деп куусакпы.
Келечектин иши үчүн
Калыс коомду курсакпы.

*8.01.2015*

# ЧИРКИН

Бул чиркин ченби, өлчөмбү
Чеги бар чектүү чөлкөмбү.
Чебер акын ырдаган
Чекити жок көркөмбү.

Алабы же сарыбы,
Арбын сөздүн баарыбы.
Анын кылган дабаасы
Ар кишиге дарыбы.

Жоготуп муну көп киши
Жолдо калды көксөөсү.
Жолду кескен бул чиркин
Жолугууга келбеди.

Жолуккан аны барктайбы,
Жоготпостон сактайбы.
Же жолдогу шагылдай
Жоон буту таптайбы.

Колдо жокто кымбатпы,
Коого консо тузакпы.
Алыстан турса жымыйып,
Жакындаса ырсакпы.

Бул дүйнөнү бийлеген,
Коштоосуз жошоо жүрбөгөн.
Аруу сезим ар качан
Адамды алга үндөгөн.

Кең дүйнө кылып жаркыткан,
Кээде аны да тарыткан.
Кезикен сайын сүйүнтүп.
Көрбөсөң эңсөө сагынткан.

Жүрөктү бүтүн ээлеген,
Башкага орун бербеген.
Бассаң-турсаң ойлонтуп.
Барганга көңүл дегдеген.

Кор дүйнөнү билбеген,
Көкүрөктү бийлеген.
Көздүн челин бозортуп,
Көөдөндүн чогун үйлөгөн.

Улуу-кичүү чалынган
Укмуш күчкө малынган.
Умтулса да чыга албай
Урматына багынган.

Бул дүйнөдө сүйүү бар,
Өмүр бою издейсиң.
Кээде коштоп жаныңда
Жүргөндүгүн билбейсиң.

Бул дүйнөдө сүйүү бар,
Зарыгасың күтөөрсүң.
Жылдап жүрүп артынан
Үмүтүңдү үзөөрсүң.

Бул сүйүүнү түрдөгөн
Бир күч бар пенде билбеген.
Нике кайып Теңирден.
Адамды жуптап иргеген.

Канчалык сүйүү арбасын,
Алоолонсун жанбасын.
Көктөн түшкөн буйрукка.
Көкүтө беттей барбасың.

Бул чиркиниң ушундай
Жанда жашайт үзүлбөй.
Кубат берип жүрөккө
Канда айланат бузулбай.

*10.01.2015*

# СОКУРА

Көптөн бери көрүнбөй
Көргөндүгүм төгүндөй.
Көпкө сиңип кеткенсийт,
Көз түшкөн изиң билинбей.

Купуя сырдын өзүндөй,
Кудум жомок гүлүндөй.
Түбү кызгылт, өзү ак
Сокуранын өңүндөй.

Бүрүңдү алып тагынбай,
Гүлүңдө балга малынбай.
Билгизбей өмүр өтпөсүн
Бир көксөөдөн арылбай.

Самсыды санаа ачылбай,
Сыздады жүрөк басылбай.
Сезимде бирге жашайсың
Сокуранын багындай.

Жайдагы гүлдүн түрүндөй,
Жайнайт го кыздар гүлүндөй.
Жайнайсың сен бир өзгөчө
Жапондун ыйык гүлүндөй.

Агына өткөн кызылдай,
Кызылдан өткөн агындай.
Сеңселип кана турасың
Сокуранын багындай.

*15.01.2015*

# АКМАТ МЕНЕН МАРИЯ

Үй жанында алоолонгон от жагып,
Тегерете кыпкач менен чок тартып.
Камдап койгон кара көмөч казанга
Ташып чыккан камырынан нан салып.

Аны алпарып чокко коюп ортолоп,
Экинчисин үстүнө жаап коргондоп.
Кайра баштан тегерете калкалап,
Карап аны турар эле чокко ороп.

Кой көңүнүн көпкө табы кетпеген
Карт жүзүнөн нымын ачып тердеген.
Кызыл токоч чыгар эле жыты аңкып,
Кыйла убакыт, кыйла аракет демдеген.

Чоң апамдын ушул иши эсимде,
Көргөн элем өзүм тестиер кезимде.
Канча жылды сапырса да убакыт
Кечээ күндөй турат алар эсимде.

Чоң атам да өтүкчү эле, уста эле
Көп сүйлөбөй жасаганы нуска эле.
Көрүп калдым кайың тилип кургатып,
Жыгач мыкты жасаганын эң ичке.

Колго тигип машинадай нук салган,
Кайыш маасы кырым өтүк ултарган.
Керки-чоту тыным албай тыкылдап,
Кышы-жайы үйдө кардар олтурган.

Акматым менен Мариям
Соолгон жок аккан дарыяң.
Салаалап куйган булактай
Агымы улам жаңырган.

Айга да, Күнгө теңеген,
Анда биз элек неберең.
Азыр да үйгө шаң толуп
Астымдан чуркайт неберем.

*15.02.2014*

# ШИШ-ЧОКУ

Ашыгып үйгө алыстан
Ата Журтка сагынткан.
Узак жол басып келатсаң,
Утурлап чыккан астыңдан
Урматтуу биздин Шиш-Чоку
Ата-энеңден биринчи,
Ушул тосот астыңдан.

Кырка тоолор теминген
Кыйласынан бөлүнгөн.
Кырк чакырым жерден да,
Кайластай даана көрүнгөн.

Кыйладан алыс баратып,
Кылчайса көңүл бөлүнгөн.
Өзгөчө түпсүз Шиш-Чоку
Белекке калган Теңирден.

Көз алдыңда чоңойдук
Көз алдыңда торолдук,
Көпкө кетип алыска
Кайра кайттык оролдук.

Жаман болсом жактырбай,
Томсорбодуң Шиш-Чоку.
Жакшы болсом каткырбай
Козголбодуң Шиш-Чоку.

Мелтирейсиң, бийиксиң
Мезгилдерге күйүпсүң.
Мекендеген өзүңдү
Муз муруттуу сүйүпсүң.

Бузулган суу, Кашка суу
Эки ыптаңдан чыккан суу.
Мөңгүңдөн ылдый куралган,
Өзөнүң менен чулаган.
Өзүңдү сүйгөн балдардан
Өлбөс өмүр улаган.

Бардык болгон турмуштун
Башаты болуп турасың
Түбөлүк менен күндүктүн
Күбөсү болуп сурадың.

Мелтирейсиң бийиксиң,
Мезгилдерге күйүпсүң.
Мекендеген өзүңдү
Сен шамалды гана сүйүпсүң.

Өзүңдү көккө тиреген
Өзгөчө жайлоо ажайып,
Атайын сага көрк берген
Астында жаткан көк жайык.
Сарала-Саз жайлоосун,
Азыноолак айталык.

Нечен жандык, нечен мал
Түрлөрүңдү жайлаган.
Нечен кылым, нечен жыл
Элдер малын айдаган.
Анын баары көзүңдүн
Жаздымына калбаган.

Жайлаган жайлоо элине
Түнөк болгон Шиш-Чоку.
Жакада дыйкан элине
Тирек болгон Шиш-Чоку.

Мелтирейсиң, бийиксиң
Чокуңду киши басалек.
Чочун адам, өз адам
Чокуңдун сырын ача элек.

Мезгил, тагдыр жеңгенде
Мекенимден кеткенде,

Беш салаамдай колумда
Бет алдымда турасың.

Чокуңду көрүп бийикке
Чакырыкты угамын,
Касиети кандай – деп,
Бир каниет кыламын.

Кымбат экен Шиш-Чоку
Кылымды көккө сапырган.
Кыйла алыс кеткен балдарын
Кылчайтып кайра чакырган.

Бийиксиң сен Шиш-Чоку,
Бийигиңе кол жетпейт.
Байыркысың Шиш-Чоку
Сен көргөндү ким эстейт.

Айылымдан алыс кеткенде
Жер алкагын кескенде
Сары арка, Тайга тилкесин
Темир жол менен кескенде.

Өзүңдөн алыс чыкканда
Бейжин, Шанхай үстүндө,
Самолет менен учканда

Көз алдымда тартылып,
Сен жүрөсүң Шиш-Чоку.

Көңүлүм сага артылып,
Бек турасың Шиш-Чоку.
Мен билген мээрим, сүрүңдөн
Дем тутамын Шиш-Чоку.

Бийиктигиң, түздүгүң
Билгенди таң калтырган,
Бизди алгалап чакырган
Таңды бирге атырган,
Күндү бирге батырган.
Кадырлап Ата Журт кылган
Канча атам өттү астыңдан.

Чокуңду бийик туу кылып
Биз да жашап келебиз.
Күндөр өтүп, жыл жылып
Биз да астыңдан өтөрбүз.

Өткөнчөктү көзүбүз,
Бийиктигиң сөзүбүз.
Бүткөнчөктү күнүбүз
Таазим кылып жүрөбүз

*2012*

# ЭНЕ МЕНЕН КОШТОШУУ

Ажалы келсе арбаган,
Апасын кимдер кармаган.
Акырет келсе жалмаган,
Асылын кимдер кармаган.

Акыл-эси туптунук,
Алсыздан көзү сүзүлүп.
Алдымдан кеттиң апаке,
Аз-аздан демиң үзүлүп.
Маңдайдан далай сылаган
Алакан муздап бүрүшүп.
Өмүрүңө өлүмдөн,
Арача боло албадым.
Өлгөнүңдө бирге өлүп,
Жанаша боло албадым.
Теңирдин кылган ишине,
Тараза боло албадым.

Карат тоосу бар улуу журт,
Жерди таштап кеттиңби?
Канча жыл бирге жашаган,
Элди таштап кеттиңби?
Кириңди жууп кана ичкен,

Сууну таштап кеттиңби?
Канча жыл бийик көтөргөн,
Атамдын туусун таштап кеттиңби?
Тирүүлөргө түйшүктүү
Калп дүйнөдөн өттүңбү?
Ар түрдүү сөздөр айтылган
Акыретке жеттиңби?
Жалган дүйнө кармашкан
Жеңип жүрүп өттүңбү?
Дин билгендер макташкан, сен
Бейишине жеттиңби?

Коңорчоктон чыккан күн
Ортокко барып баттыбы?
Бир кылым өмүр сүрсөң да
Бир күнгө тете аздыгы.
Асыл жан кетип арадан
Чыбырга барып жаттыңбы?

Түп көтөрө келишип,
Табытка таазим этишип.
Аруу сууга алышып
Ак кепиндеп жабышып.
Ал эч кимден сурабай
Жайын кенен казышып.

Калдайган калың эл келди,
Кайратын айтып дем берди.

Алтын эне ким элең
Акыл оюң биз үчүн
Каныкейге тең эле,
Кайрат-күчүң кадимки
Курманжандан кем беле?
Ар бир насаат сөздөрүң
Ар учурда эм эле.

Бул дүйнөдөн кайтыңыз.
Чын жашоонун бейитин
Чыбырга барып таптыңыз.
Чыркырап балдар ыйлады
Чыдап кантип жаттыңыз?
Көөдөн чыккан жаш болуп
Көкүрөк ылдый актыңыз.

Кары-жашы сыйлаган
Кадырман сиздин эл калды.
Каз-катары тизилген
Кагылайын тоо калды.
Эчтемени билбеген
Эчен кылым бийлеген
Шамшыдан соккон жел калды.

Сууну таштап кеттиңби?
Канча жыл бийик көтөргөн,
Атамдын туусун таштап кеттиңби?
Тирүүлөргө түйшүктүү
Калп дүйнөдөн өттүңбү?
Ар түрдүү сөздөр айтылган
Акыретке жеттиңби?
Жалган дүйнө кармашкан
Жеңип жүрүп өттүңбү?
Дин билгендер мактапкан, сен
Бейишине жеттиңби?

Коңорчоктон чыккан күн
Ортокко барып баттыбы?
Бир кылым өмүр сүрсөң да
Бир күнгө тете аздыгы.
Асыл жан кетип арадан
Чыбырга барып жаттыңбы?

Түп көтөрө келишип,
Табытка таазим этишип.
Аруу сууга алышып
Ак кепиндеп жабышып.
Ал эч кимден сурабай
Жайын кенен казышып.

Калдайган калың эл келди,
Кайратын айтып дем берди.

Алтын эне ким элең
Акыл оюң биз үчүн
Каныкейге тең эле,
Кайрат-күчүң кадимки
Курманжандан кем беле?
Ар бир насаат сөздөрүң
Ар учурда эм эле.

Бул дүйнөдөн кайтыңыз.
Чын жашоонун бейитин
Чыбырга барып таптыңыз.
Чыркырап балдар ыйлады
Чыдап кантип жаттыңыз?
Көөдөн чыккан жаш болуп
Көкүрөк ылдый актыңыз.

Кары-жашы сыйлаган
Кадырман сиздин эл калды.
Каз-катары тизилген
Кагылайын тоо калды.
Эчтемени билбеген
Эчен кылым бийлеген
Шамшыдан соккон жел калды.

Шиш-Чоку, Чоң-Бет, Үч-Чоку
Ордунда турат бүт баары.

Адам келип кеткенден,
Өзгөрбөйт экен бул жалган,
Кубаныч менен кайгыга,
Мыш дебейт экен бул жалган.
Андыктан келип бейитке
Куран окуп турабыз.
Андан башка арга жок
Кандай айла кылабыз.
Аруукe, Ага эки кыз
Сагынып жүрөт өзүңдү.
Апакелеп ыйлашса
Сыздатат муун-жүлүндү.
Кош, апаке кошуңуз!
Жаткан жериң жай болсун,
Топурагың май болсун.
Бейиштен болуп ордуңуз,
Көңүлүңүз жай болсун.

Коңорчоктон чыккан күн
Ортокко барып баттыбы.
Чын өмүрдү издеп сен аны
Чыбырдан барып таптыңбы?!

*2012*

# КОЧКОРУМ

Агаин тууган эл үчүн,
Айрыкча берген дем үчүн,
Ата Журт сага арналат
Асыл сөздөн бир үзүм.

Туулган жери кыргызга,
Мекке менен тең экен.
Туулган жерсиз кыргызга,
Таалайдын тузу кем экен.

Ата Журту кыргызга,
Мисир менен тең экен.
Ата Журтсуз кыргызым,
Бакытынан кем экен.

Түштүк менен Түндүктүн,
Түйүнү болуп сактаган.
Түндүк, күндүк жолоочу,
Түк кучагын жаппаган.

Моголдор, черик балдары,
Тыным албай каттаган.
Тынымсейит, саяктар,
Эс алып үйдө жатпаган.

Шиш-Чоку, Чоң-Бет, Үч-Чоку
Ордунда турат бүт баары.

Адам келип кеткенден,
Өзгөрбөйт экен бул жалган,
Кубаныч менен кайгыга,
Мыш дебейт экен бул жалган.
Андыктан келип бейитке
Куран окуп турабыз.
Андан башка арга жок
Кандай айла кылабыз.
Аруукe, Ага эки кыз
Сагынып жүрөт өзүңдү.
Апакелеп ыйлашса
Сыздатат муун-жүлүндү.
Кош, апаке кошуңуз!
Жаткан жериң жай болсун,
Топурагың май болсун.
Бейиштен болуп ордуңуз,
Көңүлүңүз жай болсун.

Коңорчоктон чыккан күн
Ортокко барып баттыбы.
Чын өмүрдү издеп сен аны
Чыбырдан барып таптыңбы?!

*2012*

# КОЧКОРУМ

Агаин тууган эл үчүн,
Айрыкча берген дем үчүн,
Ата Журт сага арналат
Асыл сөздөн бир үзүм.

Туулган жери кыргызга,
Мекке менен тең экен.
Туулган жерсиз кыргызга,
Таалайдын тузу кем экен.

Ата Журту кыргызга,
Мисир менен тең экен.
Ата Журтсуз кыргызым,
Бакытынан кем экен.

Түштүк менен Түндүктүн,
Түйүнү болуп сактаган.
Түндүк, күндүк жолоочу,
Түк кучагын жаппаган.

Моголдор, черик балдары,
Тыным албай каттаган.
Тынымсейит, саяктар,
Эс алып үйдө жатпаган.

Теңир тоолук балдардан,
Бут барбы сени баспаган.
Чыгышыңдан көл ороп,
Батышыңдан Чүй ороп.

Түндүк жакта тоолоруң,
Теңирди турат жыроолоп.
Кара деп атты койгондур,
Сага жаман көздөн ыроолоп.

Айтылуу менин Кочкорум,
Аруу сөздү козгодуң.
Ар дайым арзып келгенде,
Ата-энеме окшодуң.

Беш белиңден жел урат,
Бешенеңден жай сылап,
Бешимге бейпил жатканда,
Беймаал шамал жулкунат.

Үзүгүңдү үзгүлөйт ал,
Түндүгүңдү каккылайт,
Түгөтчүдөй тынчтыкты
Түбүн кармап тарткылайт.

Удургуган бороондун,
Үнү алыстап кеткенде.
Жалаң жашыл көйнөктүү,
Жазда бизге жеткенде.

Жазың сенин Кочкорум,
Жаш жигиттин өңүндөй.
Жаз коштоп жорткон шамалың,
Жадыраган жароокер
Жаш келиндин деминдей.
Коштойт канча сулуулук,
Карап турсаң эринбей.

Жаш келиндей кечигип,
Жаз келген соң эринип.
Артынан атын шаштырып,
Жай дагы келет теминип.

Шыбагың менен эрмендин,
Шыбыраш жыты аңкыган.
Ондогон чөптүн жыттары,
Ободон жылбай калкыган.
Ошол жытка ортоктош,
Торгою тынбай шаңшыган.

Жаркырап жайың келгенде,
Көңүлдө кирди айдайсың.
Кыйышпас курбу-курдаштай
Жадырайсың жайнайсың.
Жайың сенин Кочкорум,
Кара мурут агадай.
Жеңем экөө пейили,
Дан өскөн даркан талаадай.

Күркүрөгөн күз болуп,
Талаа-түзгө мал толуп.
Күтүрөгөн мал-жанга,
Көңүл тоюп, көз тоюп.
Ой санаасы элиңдин,
Тегиз болуп турганда.

Күзүң сенин Кочкорум,
Мээнеткеч, камкор атадай.
Элине берген байлыгың,
Мээримин төккөн ападай.

Кашык да май, чөмүч май,
Айылдар тойго толгондо,
Семиз кой да, семиз тай
Эттерине тойгондо.

Эртели-кечки суукта
Суу каймактап тоңгондо.
Алыстап кеткен шамалың,
Кайрадан пайда болгондо
Кыш келет сага Кочкорум.
Кызарттан соккон шамалдын,
Билебиз кандай боздоорун.
Батышка булут топтолсо
Шамшыдан шамал козгоорун.

Эртели-кеч эринип,
Эс албаган, тынбаган.
Эсеби жок эчен жыл,
Эгемдин ырын ырдаган.
Эси жок тура бул бороон,
Эмнени кана кылбаган.
Эзелки аска-зоолорду,
Эркинче жанчса сынбаган.

Асылса да канчалык,
Аскалар көңүл бурбаган.
Алсыздыгын билгенде ал,
Бетин тытып ыйлаган.
Албууттанып чалынып,
Аргасыздан кыйраган.

Эртели-кечки шамалың,
Эстетип турат кышты да.
Эстетер шамал болбосо,
Кыш деле болбойт чынында.
Канча түшсө кар жатпас,
Кара Кочкор ушул да.

Кышың сенин Кочкорум,
Карыянын өңүндөй.
Шамалсыз турса илебиң,
Байбиченин деминдей.

Тоолоруң сенин Кочкорум,
Чоң атамдын өңүндөй.
Тойбодум сенин илебиң,
Чоң апамдын деминдей.

*21.11. 2012*

# КОЧКОР СУУ

Теңир тоодон башаты
Тээ кылым санайт казаты.
Ак кар, көк муз башаты
Айтылбай жүрөт санаты.

Сандык, Сөөктөн миң булак
Ак мөңгү ээрип суу курап.
Сары булак сан булак
Акырындап ылдыйлап,
Агымы улам күчөгөн.
Ар тарапттан куйган суу
Акырын дайра түптөгөн.

Балалык баёо кездерде
Айылдан шаарга кеткенде.
Чу суусун жандай жарышып,
Агымга көңүл түшкөндө.

Тирүү жандай көрүндүң
Жытын сездим демиңдин.
Бирок анда билбепмин
Кайдан чыгып, кайда агып
Баарарыңды өзүңдүн.

Сени менен жарышып,
Озалбай артта калышып.
Бак издеген өмүрлөр
Кайдадыр артта калды окшойт.
Бир тамчыдай бөлүнгөн
Көрүнбөгөн көрүнгөн
Көмүскөдө калды окшойт.

Койнунан чыгып Кочкордун
Сары чат ылдый топтолдуң.
Кыш бою көздү кубантып,
Жаз менен Чүйгө октолдуң.
Кочкор суу сенин жашооңду.
Мен өмүрүмө окшоттум.

Үзөңгүлөр кагышып,
Үстөкө-босток чабышып.
Чу деп жүрүп кыргыздар
Агымың менен жарышып.
Кочкор суу атын өзгөртүп,
Чу калды сага жабышып.

Убагың келип жеткенде,
Эркиңе коё бергенде.
Сагынгандай шашылып,
Боомду бойлоп өткөндө.

Айга карай чапкылай
Аскаларды каккылай.
Атырылып агасың
Айгай салып капчыгай.

Жай толукшуп толгондо,
Жандарга керек болгондо.
Жайдары эгин жал-жал гүл
Саргарып өңдөн оңгондо.

Сапырылып чапкылай
Сансыз ташты каккылай.
Шаңга бөлөп агасың
Шаркыратып капчыгай.

Сагынгандай шашылып,
Боомдон чыксаң ашыгып.
Чүйдү бойлойт өмүрүң
Буулуккан бугуң ачылып.

Өскөнгө да, басканга
Өмүр берген Кочкор суу.
Өз жаныңды өткөрүп,
Болуп берген Кочкор суу.
Адамдардын канында
Жүрүп турган Кочкор суу.

Балалардын багында
Күлүп турган Кочкор суу.

Канча эгинди өстүрдүң
Канча мөмө-жемишти
Даамына келтирдиң.
Канчаны кайра жашартып,
Канча алсыздын өмүрүн
Калыбына келтирдиң.

Анын баарын билбеймин
Кеминге чейин бир келип,
Анан үйгө чу деймин.

Кандайдыр бир иш менен
Кайрадан артка кайтканда,
Агымыңа каршы
Ат тизгини тартканда.

Боомду бойлоп баратып,
Аргасыз көңүл бөлүнөт.
Айтылуу күлүк кер кашка
Арышын керип артымдан
Келаткандай көрүнөт.
Күлүктүн үнүн Кочкор суу
Сактап калган көрүнөт.

Ойлорум үнгө жуурулат,
Күлүктөн дүбүрт угулат.
Кулачын керип аргымак
Капчыгай ордой жулунат.
Башатын көздөй бул суунун
Бараткандай туюлат.

Сур жоргомду суулуктап
Сууга кирем чукулдап.
Эңкейип сүзүп кочуштап
Жетишем араң бир ууртап.

Караймын артка утурлап
Кулагыма күлүктүн
Дүбүртү дале угулат.
Самап ичсем деген суу
Салаамдан ылдый куюлат.
Кулачын уруп кер кашка
Келаткандай туюлат.

Кочуштап ичсем деген суу
Колтукту карай куюлат.
Кокуй агып каларда
Каламын араң бир ууртап.

Көрүп турсам Кочкор суу
Көңүл толот, көз толот.
Колума сузсам бир кочуш
Көз ирмемде жок болот.
Көзүмдү ачып-жумганча.
Көңүлдө ойлор топтолот.

*12.2012*

# КҮН

*(Ой жортуул)*

Чексиздикте чалкыган
Көк ирим көктө калкыган.
Көргөн көз көөдөн сезимиң
Көргөн сайын жаркыган.
Кенен аалам он сегиз
Көөдөнүндө балкыган.

Улуулардын улуусу
Укмуштан укмуш жылуусу.
Ааламдардын улуусу
Ченерге чен жок жылуусу.
Бешенеге парс чыгар
Пендеңдин таазим кылышы.

Түбөлүктүн түркүгү
Түз жашоонун үлгүсү.
Түмөн-түмөн, түмөн жыл
Жашоо заңын жүргүздү.

Түркүн-түмөн ааламы
Түркүктөй күнгө байлануу.

Бири-бирине кезикпей
Ыраатты менен айлануу.

Ошо түпсүз тегизде
Жер энени айталы.
Улуулардан улуу күн
Урматыңа ырахмат.
Утурлап чыккан астымдан
Нурларыңа рахмат.

Ааламдар жолун ачканда
Жерге да көңүл бурганда.
Жумурткадай элипис
Жер алкагын сызганда.

Адилет күчү тең болду,
Жер эне чеги кең болду.
Өз нугунда айланса
Күнү болду, түн болду
Кырк чакырым саатына
Элиписти айланса
Төрт мезгили бүт болду.
Ортосунда жаркырап,
Тийип турган күн болду.

Жалынга күйүп кетет – деп,
Жакын алып барбады.
Жылыбай тоңуп калаар – деп,
Алыска түртүп салбады.

Жекене жүргөн заттардан
Жеткирбей аяр сактады.
Жети кабат калканды
Жер энеге арнады.
Жер энеге Күн ата
Ашык болуп калганбы.

Абадан согуп тор кылган
Абдан суусун мол кылган.
Ортосун ээн чалкайтып,
Эки четин тоңдурган.

Токой суусун тоолорун
Жомоктон да зор кылган.
Чөлдөрү менен талаалар
Ар биринде сыр турган.

Түгөйү жок түптүгү
Ачылбаган дүнүйө,
Түгөйү жок түркүн сыр
Чечилбеген дүнүйө.

Жети оролгон жер сулуу
Балакатка жеткенде.
Ашык болгон күн нуру
Ашыкча мээрим төккөндө.
Айкалышып ал экөө
Жашоого шартты түзгөндө.

Жеримде күндүн нурунун
Абасы менен суусунан,
Музунан чалкыр көлдөрдүн
Асманга учкан буусунан.

Нур тийген жердин тегинен
Жылууга балкып эриген.
Кыймылдап жашоо башталган
Бирин бири жалгаган,
Бирин бири ээрчиген.

Күн менен Жерди жуп кылып,
Жер үстүндө жашоону
Өз өзүнчө нук кылып,
Адамдарга ой берип
Айбандарга өзгөчө
Жетилген сезим куп берип.
Күнүң чалкып, түн жылып
Күнүмдүк жашоо кулпунуп,

Күнүң жок жалаң түн болсо
Жүрбөйт белек буулугуп.

Ың-жыңы жок кара түн
Ылаажын жок балээ түн.
Ымтыраган жылуу жок
Ырп этпей уктайт жан бүтүн.

Көзгө сайса көрүнгүс
Алыс жакын белгисиз.
Кызыл-жашыл бөлүнгүс
Кыз-кемпири өңүсүз.

Бийик жапыз ченемсиз
Жогорусуз төмөнсүз.
Тунгуюка камалат
Ой акылы экөөңсүз.

Кайрадан күнүң чыкпаса
Алланын заңын укпаса.
Нечен айлар, нечен күн
Уясында уктаса.

Жашыл шибер, жашыл бак
Жарбырактар бүрүшүп

Чын жашоодон бүткүл жан
Чындап үмүт үзүшүп.

Жети күндө солбойбу
Жер жүзү апаат болбойбу.
Күндүн нуру жетпесе
Нечен жандар тоңбойбу.

Жашылды карап баспайбы
Жандыкты өлүм албайбы.
Андан ары кара күч
Адамга жакын барбайбы,
Аны алкымынан албайбы.

Жаман сөз жаман укпасын,
Жарыктык ыраат бузпасын.
Жарымысы күн, жарымы түн
Жер эне нуктан чыкпасын.

Айлуу түн жарык аз гана,
Айсыз түн кара капкара.
Түндүн күчүн билебиз
Күн жарыгын чачпаса.

Айланып күндү айлана
Ала салып кайра да,

Караны жиреп таң сүрөт
Көк теңирде жай гана.

Түндүн чети сөгүлөт
Жарык тиет берилеп,
Акырындап алтын нур
Жер бетине төгүлөт.

Улуулардын улуусу
Жер эне таазим кылчусу.
Сырлуулардын сырдуусу.
Бүт ааламдын нурдуусу.

Мээримиң чексиз төгүлөт,
Мекеним жалпы көгөрөт.
Жан-жаныбар баарысы
Жарык нурга бөлөнөт.

Аргымак минип теминген
Алкышын алган Теңирден.
Күн кармап кыргыз элеси
Көөнөрбөс ташка чегилген.

Эзелтен күндү барктаган
Өзгөчө сүйгөн, сактаган.

Өзөгүбүз күндөн – деп,
Өздөрүн өтө мактаган.

Илгерки күндүн балдары
Ишенди Теңир Алланы.
Иргешип акты карадан
Изденүүдөн талбады.
Бmarkташып ата-бабасын
Азыр да күндү туу кылып,
Башынан бийик кармады.

Жети айлык жолдо талбаган
Жер барбы атың калбаган.
Жер кезип жүрүп бабалар
Жер эне менен Күн ата
Улуулугун байкаган.
Улуу деген урмат сөз,
Ошондон салтка айланган.

Күн ырын айтса бүтөбү,
Күн сырын таап бүтөбү.
Күнгө таазим кылып биз
Күндөн жарык күтөлү.

*02.01.2014*

# САЯКБАЙ МЕНЕН ЧЫҢГЫЗДЫН СҮРӨТҮНӨ

Сакең менен Чыкеңдин
Көргөнмүн түшкөн сүрөтүн.
Олтурган ушул эки алпка
Таасирленди жүрөгүм.
Чын генийлер бар болсо
Ушулар тең деп жүрөмүн.
Улууларга арналган
Ушул айткан сөз менин
Таазимим деп билемин.

Айткан сөз кургак болбосун
Аңгеме менен коштодум.
Батасын берген алптарга
Бизди да кыдыр колдосун.

Жашыл чөп кургап катыган
Караташ шагыл жамынган.
Орто токой ылдыйлай
Боз кырдуу өзөн жанынан
Бир атчан кетип бараткан.
Айдаган эки кою бар
Түз баспай аны тажаткан.

Төмөндөн, улам төмөндөн
Тоодой таштар чөгүлгөн.
Айланып өтүп аларды
Тездете атын теминген.
Суу бурулган урчуктан
Астынан боз үй көрүнгөн.
Бул кайдагы боз үй – деп,
Сакеңден көңүл бөлүнгөн.

Жакындап үйгө барганда,
Бир аял чыга калганда.
Даам ооз тийип кеткин – деп.
Жолоочу атын алганда.

Уйгө кирсе ичинде
Салтанаттуу боз үй – дейт.
Атын алган Сакеңдин
Ак элечек ак жүздүү
Каныкей апа өзү – дейт.

Таанышканча олтуруп,
Дасторкон үстүн толтуруп.
Андай-мындай дегенче
Акыл жыйып, ой жыйып

Эшиктен дүбүрт угулат,
Бир топ киши атынан
Түшүп жатат дыбырап.
Үйгө кирип келишет
Өздөрүнчө кобурап.

Жалаң көк жал баатырлар.
Ичинде айкөл Манас бар.
Сый-урматын көрсөтүп
Кыдырата олтурар.

Сабырдуу басып чайпала
Отурганды айлана.
Кадырман эне Каныкей
Аяк сунат мейманга.
Аякта буудай бар экен
Жегин дешти баары тең.

Оозуна алпарса буудай
Суудай куюлат.
Каякка кетип жатканы.
Саякбайга туюлбай.

Ойгонуп кетсе түштөйбү
Түш десе жолдо жүрбөйбү.

Негедир көңүл кайыгып.
Манас айтып кирбейби.

Ошо күндөн өлгөнчө
Манас ата колдоптур.
Кыдырдай кылып элине
Байыркы кыргыз жолдоптур.

Экөө түшкөн сүрөттө
Тегизде эмес дөңсөөдө.
Так эмес тактан өйдөдө
Балбалы сындуу байыркы.
Келбети чымыр көргөнгө.
Саякбай ата олтурат
Сабырдуу көңүл бөлгөнгө.

Байыркы кыргыз элеси
Байкасаң ушул эмеспи.
Батман сөз берип башына.
Балдарга айтып жеткиз – деп,
Бабалар берген керезби.

Чеги жок чебер манасчы
Ченемсиз мурас жаратты.
Чекесин оюп жүрдү бул
Чеги жок кыргыз санатты.

Кеменгер десең кеменгер,
Демине дүйнө термелер.
Кызыл тилден бул алпка
Генийден барбы тең келер.

Кайыптуу дүйнө кайрымдуу
Саякбай ата сабырдуу.
Серүүдө жалгыз олтурбай.
Жанында Чыңгыз жазуучу.

Жамбаштап жата эркелей.
Умтула карап ойдолой.
Байыркы кебин укансыйт.
Сакеңе карай онтолой.

Көргөндө ушул сүрөттү
Кубаныч басты жүрөктү.
Багын ачып кетишти булар
Бабалар айтан тилекти.

Кызыл тил кыргыз өнөрү
Кара сөзгө көчөбү.
Чыңгыз курган кемедей
Даңкталып дүйнө кезеби.

Аркы-берки сөз менен
Аярлап Сакең караса,
Кыйланы көргөн көз менен
Кыраакы киши байкаса.

Отуз жылдан мурунку
Боз үйдө айкөл көргөндөй.
Алдыңды Чыңгыз кудуму
Манастан элес бергендей.

Келбети-сыны келишкен
Кыйкымын таппай кемиткен.
Кырдач мурун, кыр кабак.
Кылдай коюу чачтары.

Көркөмдүү башта төгүлгөн
Калдайган эрин чапжаагы.
Касиеттүү Сакеңе
Манаска окшоп көрүнгөн.

Келечек менен кеткендин,
Эзелки менен эртеңдин
Кездешип турган убагын.
Элесин берип эстеткен
Ушундай ойлор тутумдайт,
Ошондон Сакең мулундайт.

Аны эчак сезген Чыкең да,
Алдыртан кылат сый-урмат.

Жагымдуу ушул көз ирмем
Жакшы үмүт данын өндүргөн.
Жарым ооз сөз айткан туура го
Чыңгыз баскан өмүрдөн.

Бозоргон талаа түз менен
Ойлору үмүт үзбөгөн.
Боз бала жалгыз келатат
Жоготкон уюн издеген.

Согушу болуп жылдаган
Соолуду келбей канча адам.
Арамдар барбай согушка
Айылдын малын уурдаган.

Уурулар уйду уурдаган.
Жетимге аёо кылбаган.
Далалат кылып табууга
Жер кесип жанын кыйнаган.

Үч бөбөгүн, энесин
Ачкадай көрүп элесин.

Алдынан чыкса ал ууру
Өлүмгө кыяр денесин.

Ачуусу келген боз улан
Ар-намысы козуган.
Ай-талаада баратса
Астынан бир чал жолуккан.

Абалын көрүп баланын
Унчукпай угуп кабарын.
Уй жөнүндө сөз айтпай
Уучун жазып балага
Берген экен батасын.

Уюгуп уюн издеген
Улан кезде Чыңгызды.
Улуу адам чыгып астынан
Утурлап үмүт түздөгөн.
Кыдырдай болгон ал адам
Тагдыры болоор издеген.

Согуштун оор азабы
Жүрөгүн тилди канатты.
Ошол көргөн өмүрүн
Орошон кара сөз менен
Бүт дүйнөгө таратты.

Манас ата түптөгөн
Жомогу айлап бүтпөгөн.
Саякбай ата жар салып,
Бирдике элди үндөгөн.
Биз дагы биле жүрөлү
Элимдин күчүн бирдиктен.
Аталар алга чакырат,
Артынан үмүт үзбөгөн.

Айкөлдүк жолу кененби,
Адамдай түбү тереңби.
Ааламды кезип Чыңгыз да
Айкөлдүк издеп жөнөдү.

Сакең менен Чыкеңдин
Китебин окуп жүрөмүн.
Окуган, уккан адамдын
Булар жарык кылат жүрөгүн.
Балдар да баалап окушуп,
Түшүнсө деген тилегим.

*02.04.2014*

## БИР ӨМҮР

Берилген экен бир өмүр,
Билгенге тийген нур өмүр.
Билинбей жашың улгаят
Биргелеп өмүр сүрө жүр.

Аманат экен бул өмүр,
Асылы болсо күтө жүр.
Асылдан акмак көп болот
Аларга да түтө жүр.

Көп сырдуу экен бул өмүр,
Көп түрүн аңдып көрө бил.
Көп сырын ачсаң кубанат
Көөдөндө жаркып көксө дил.

Кайрымдуу экен бул өмүр,
Карашып өмүр сүрөлү.
Кыш бүтүп келген жазга окшоп,
Жадырап турсам күнөөбү.

Амалдуу экен бул өмүр
Аны да аңдып билели.
Адатта, акыл амалдан
Артында калат бир эли.

Кубаныч экен бул өмүр
Каткырып кээде күлө жүр.
Жакшысын билбей дүйнөнүн
Жабыркап өтсөң күнөөдүр.

*26.02.2014*

# КӨК ТЕҢИР

Улуулар айткан көк Теңир
Бурулат сага көп көңүл.
Көз токтотоор учу жок
Колго кармаар бурчу жок.
Көпкөк болгон өңүңдөн
Өзгөрбөй өмүр өткөрдүң.

Касиетин көк Теңир
Кимдер кандай баалашат.
Башына түшсө бейпай күн
Арачалап алчуудай
Асман жакты карашат.

Касиеттүү көк Теңир
Ыйыктай сени баалашат,
Бакыт консо башыңа.
Бөлүшчүдөй сен менен
Асман жакты карашат.

Көңүлдү ачкан нур болуп,
Көмүркөй ачкыс сыр болуп
Көөдөнүңдө толгонот.
Көп кырсыктан коргонот,

Көктү сүйгөн Жер эне сага
Уул болуп, кыз болуп.

Жашыл эмес, сары эмес
Көңүл тойгон көк элес.
Сүйрү эмес, чарчы эмес
Жумуру тарткан керемет.

Сага окшотуп тургузган
Боз үй менен минарет.
Көк теңир ыйык экенин
Байыртадан эл билет.

Мелмилденген көк чалкыр.
Мейкининде күн чалкыр.
Он сегиз миң ааламдын
Ортосунда күн калкыр.

Жетимиш муун кыргыздар
Башын ийген көк Теңир.
Жер үстүндө калкалап
Колдоп жүргөн көк Теңир.

Бул дүйнөдөн өткөндө
Денеден жаны кеткенде,
Көккө барып уланат.

Дейт экен го бул өмүр
Ал чын болсо көк Теңир.
Ар балээден арылтып,
Элибизди сактай көр.
Бейпайга түшкөн жандарын
Ылайын жууп актай көр.

Жети катар кабатын
Жотолордун жандарын
Каякта сактап жатасың.
Жалган дүйнө түгөнсө,
Жаның чыгып төбөгө.
Толтурарбыз катарын
Жүрөк согуп турганда.
Жүрөгүм сүйгөн калкыма
Төрт ыр сап жазып жатамын.

*21.02.2014*

# БАЙКАСАҢ ДА, БАЙКАБАЙ

Желдей жеңил басканың,
Желпиди көңүл аптабын.
Сезимде жүргөн уялап
Сездентти сүйүү саптарын.

Байкасаң да, байкабай
Баратасың кайкалай.
Этегиң балтыр чапкылайт.
Карагын деп кайталай.

Көркөмдүү экен басканың
Көркүңө көздү байладың.
Көпчүлүк көзүн тарталбай
Узатып турду байкадым.

Байкасаң да, байкабай
Баратасың кайкалай.
Саамайың алкым жапкылайт
Карагын деп кайталай.

Ийкемдүү шаша басканың
Ишенич бере баштадың.
Умтула басып сен дагы
Урматтуу издеп жатпагын.

Байкасаң да, байкабай
Жүрөсүң го кайкалай.
Жүрөгүңдө сыр жүрөт
Жабыктырдың айта албай.

Канчалык көркөм баспагын.
Көзүңдү ала качпагын
Көк жактан буйрук келсе эгер
Көңүлдөш болуп калбагын.

Көрсөң дагы көрмөксөн
Өтөсүң көңүл бөлбөстөн.
Коркконсуп көктү карайсың
Көзүңө көзүм кездештен.

*19.04.2014*

# БЕЛГИСИЗГЕ

Жоодурап көпкө карасаң
Жообун бербей баратам.
Жолдорун издеп көрөйүн
Жолугууну кааласаң.

Кадалып көпкө карасаң
Кайрылбай кетип баратам.
Кайрылып кайра келейин.
Кадырлашка жарасаң.

Тагдырдын баары бирдейби,
Тагдырын ар ким издейби.
Тандап жүрүп жактырсаң.
Тагдыр да башын ийбейби.

Кааласаң келем күн болуп,
Калкысын жаның бүр толуп.
Кайгысын айдап жүрөктүн
Ачылсын кызыл гүл болуп.

*13.04.2014*

# ЧҮЙ

Кыргыз барбы кенен Чүйдү билбеген
Кыргыз барбы Чүйдүн суусун ичпеген.
Ар тараптан келип турат агылып,
Агаиндер турмуш тагдыр издеген.

Аталар салтын сактаган
Эл жашайт жерин даңктаган.
Чүй жери болду уютку
Эл эмгегин актаган.

Бардыгына кулачы кең ачылган,
Бардыгын тең коюнуна батырган.
Бардыгына орун берип жер болуп,
Далайлардын бак-таалайы ачылган.
Балким, биздин бабалардын тилеги.
Баарыбызды Чүйдү карай чакырган.

Ынтымактыр жеңиш күчү билгенге,
Ырыскылаш болуп бирге жүргөнгө.
Ушул кең Чүй ынтымакка чакырат.
Ыраттуу өмүр, ыргактуу өмүр сүргөнгө.

Ошол үндү, ошол ойду коштогон
Ошол үмүт элди эл кылып топтогон.
Касиеттүү Чүй боорунан туз буйруп.
Ордолуу эл тагдыр жолун жолдогон.

Бакыт кимде, бакыт сенин колуңда.
Байлык кимде, байлык дагы колуңда.
Баарын эмгек, эмгек гана жаратат.
Барын жоктон пайда кылып коюуга.

Чүй боорунда соцдоорунда төрөлүп,
Чүй боорунда капдоорунда торолуп.
Биздин балдар чүйлүк болуп өсүштү
Ата Журту Бишкек болуп өзгөрүп.

Кичүү журту, улуу журту мекени,
Эч талашсыз Чүй да кыргыз мекени.
Бабаң кыргыз уюткулуу эл эле
Башка элдерден калбай өмүр өтөлү.

*30.03.2014*

# АТ-БАШЫ

Теңир тоонун төрүндө,
Дем күч берген өмүргө.
Ат-Башы деген өрөөн бар
Кымбаттуу кыргыз элинде.

Жерине тынбай каттадым,
Кыдырдым көрдүм жаттадым.
Алланы салган төрүнө
Айтарга кынтык таппадым.

Өрөөнү кенен жайыктар,
Өзгөчө орун кайыптар.
Өзөнү агат ортодо
Өзөгү жүрөк тамырдыр.

Өмүрүн элге арнаган,
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Алмамбет менен Кошойдун
Арбагы жүрөт сактаган.

Арпасы Ак-Сай жайлоосу,
Жайыкта малы айдоосуз.
Жай боюу бээнин жанында
Кулундар жүрөт байлоосуз.

Тосулбай жери кең болду,
Элинин пейли тең болду.
Эзелки жолу акжолтой.
Эрлерин Кошой колдоду.

Туугандап тынбай каттадым,
Туура ишин көрүп барктадым.
Алардын кылган сыйынан
Айтарга кынтык таппадым.

Өзөнү ылдый суу агат,
Жээктей үйлөр уланат.
Жээгинде үйдүн алдынан.
Жендей булак суналат.
Көзүнө барсам жакындап,
Түбүнөн оргуп буралат.

Көзүңдү тарта албайсың,
Көңүлдү көпкө байлайсың.
Кереметтүү булактан
Көңүлкош кетип калбайсың.

Кара көз булак десе эгер
Ушул деп айта беребер.
Кызыгып салып колуңду
Ысыгын, суугун билебер.

Таптаза тунук булагын
Көз кысып колду булгадың.
Кочуштап ууртап даамыңдан
Тарталбай колду турамын.

*27.04.2014*

# СӨЗ

Сөз жөнүн айтсам кыйындыр,
Сөз деген өзү ыйыктыр.
Сөз кезеги келсе эгер
Сөзүмдү кимдер тыйыптыр.

Алгач сөз кимдер сүйлөптүр,
Азыр аны эч ким билбестир.
Ааламга келген касиет
Жаратылыш, жарык нур табият
менен үндөштүр.

Жашоого алгач шарт берген,
Ар кимге милдет так бөлгөн.
Өзгөчө өнөр сүйлөөгө
Адамга акыл баш берген.

Арадан канча доор өттү
Эл өстү, элде сөз өстү.
Акыл-эсти алгалап
Сөз көркөмүн күчөттү.

Кыргыздын түбү аруулар
Азыр да кымбат баалуулар.

Аз-аздан жашап ар жерде
Калыптыр дагы табылар.

Аларда тилин сактаптыр,
Атанын тилин сатпаптыр.
Түрк сөзүнүн башаты
Түптүүлүгү соолубай
Түгөнбөптүр батпаптыр.

Аруу элинин балдары,
Арууланган жандары.
Сөз өнөрү бийик – деп,
Сөздү аруудай кармады.

Мейкиндиктей кеңдиги,
Акыйкаттай теңдиги.
Адамзатка үлгүдөй
Айкөлдүгү эрдиги.

Агарып тийген таңындай
Айдап жүргөн малындай.
Айтааарга сөзү дапдайын
Ардактуу кыргыз калкым ай.

Артынан ойдун ээрчиген
Ой дагы сөздө өөрчүгөн.

Ошондо сөздүн кубаты
Көрбөгөндү көрсөткөн,
Көңүлдө ойду өстүргөн.

Сөз элди орго сүйрөгөн,
Сөз элге кабак түйбөгөн.
Алтынын иргеп алышып,
Арсыз сөзгө тийбеген.
Согушта да сөз болуп,
Сөз бүтсө курал сүйлөгөн.

Сөзү жок китеп жазбаган,
Сөзү жок билим ачпаган.
Сөзү жок деги болобу
Мамлекетти башкарган.

Сөзү жок кимдер ырдамак,
Аны угуп кимдер жыргамак.
Айтылган анык доосу жок.
Ак-кара кимдер ылгамак.

Адамзаттын куралы
Айныгыс алга сунары.
Ошондуктан сөз деген
Куралдардын астында
Курал болуп турабы.

Байыркы кыргыз элдери
Намысын эми береби.
Кыргыз сөзүн орус сөз
Эки чайнап жиберди.

Жартысы кетип оозунан
Кокого барып такалды.
Жартысына кайран эл
Жардам берип жатабы,
Артка тартып алабы.

Чадырайган курсактар
Чаржайыт ойду кургандар.
Бир чылбыр, эки тизгинин
Кыргызда кармап тургандар.

Кырк жылдап жүрүп бийликте
Кыргызга көзүн жумгандар.
Кыргыз сөз жерип оруска
Ойлонбой колун сунгандар.

Берейли же алайлы
Беш жашар бейбаш балабы.
Беш ооз сөздү так билбей
Элди бийлей алабы.
Лейлилер бийлеп элимди
Кайран сөз жетим калабы.

Жетим эмей эмине
Кыргыз сөз орду тарыды,
Кыргызды кыргыз каарыды.
Кыямат мизин кайтарбас
Кыргыздын күчү карыбы.

Жалпылап жардам кыла албай,
Жартысын сууруп ала албай.
Калбайлы сөздү жоготуп.
Кайсактап кайра таба албай.

Калк ичинде жүрөбүз,
Көп сөзгө көңүл бөлөбүз.
Кыргызга кыргыз сүйлөсө.
Дүркүрөп турат денеңиз.

Кырк кыргыз турса жанында,
Кыдыра карайт баарында.
Сары баш көк көз көргөнсүп,
Орусча сурайт баалана.

Кыргыз сөз орду тар болдуң,
Көңүлүм кирдеп зал болдум.
Өзгөчө катын журтуна
Карап таң болдум.

Айылдан келген кара кыз
Чым-чым мурун жалпак бет,
Өзүбүздүн балабыз.
Бишкекке келсе кашайып
Кыргызча билбей калабыз.
Айдан түшө калдыңбы
Айланаңды караңыз.

Соорусу бийик келиндер
Солкулдап турат демиңер.
Соолуп барат кыргыз тил
Сүйлөөгө жардам бериңер.
Эркек тил дебей кастарлап,
Эне тил дейт го элиңер.

Кыргызча сөздү бакпаган,
Курсакта жатып укпаган.
Курсактан чыгып нечен жыл
Кыргызды сыймык кылбаган.
Бир катмар бизде эл жашайт
Кыргыздын атын уурдаган.

Кыргызмын деген биздин эл
Кичине көңүл бөлсөңөр.
Кыргыздын сөзү сүрүлүп,
Бaратат сүйлөй жүрсөңөр.

Бизде сөз качан шал эле,
Деми жок алсыз жан эле.
Түрк тили деген терминдин
Баштаган булактары эле.

Жерлердин атын калтырган.
Кадимки кыргыз баба эле.
Азиялык кеңдикте
Кыргыздын койгон аттары
Кашкайып турат дагы эле.

Орус тил качан жаралган,
Чыга калдыбы аралдан.
Сөз менчиктеп алганды
Талаша албайсың алардан.

Кыргыздын сонун сөздөрүн
Табасың изин карасаң.
Ата деген сөздү эле
Ардактап алды байкасаң.
Муну менен мен сизге
Кыргыздын сөзү канчалык
Таасирдүүлүгүн айта алам.

Женгис хан желдеттеринин
Негизи болгон кыргыз сөз.

Жарлыктан баштап башкаруу
Кыргызча болгон чындык кеп.
Ал сөздөн канча эл чыкты
Алардын баарын айтууга
Арбындап кетер биздин сөз.

Кыргыз сөз менен дастаным
Кыйгылданбасын айтканым.
Океандай Манасы
Ойлонтоор кыргыз балдарын.
Эпосу турса чайпалып аны
Жарды деп кантип айтасың.
Жарды эмес кыргыз сөзүнөн
Жарым ой баштан сактасын.

Орус тил бизге жат эмес,
Коргоого аны шарт эмес.
Орусча сүйлөп, орусча
Жашаган элдер аз эмес.
Эринбей ойлоп жүрөлү
Жерибей сүйлөп сүйбөсөк,
Эмне болот кыргыз сөз.

*18.05.2014*

# АГАГА

*(Ш. Дүйшеевге)*

Көрөлекмин агамсың
Көп кыргызга жагасың.
Көк астында жашоону
Көркөмдөп жазып каласың.
Көгөндөп алып сөздөрдү
Көп жылдары багасың.
Көңүлүңө жаккандай
Көбөйтүп төлүн аласың.
Көйгөйлүү болду кыргыз тил
Көгөрүп коргоп жатасың.

Алыс эмес агасың
Айтпай журтка жагасың.
Аласы көп дүйнөнүн
Агын издеп жазасың.
Айтылбай калган кыргызда
Арбын сөздү табасың.
Агымында дайранын.
Аракет менен барасың.
Астыңдан өтсөм инидей
Аликти кандай аласың.

Көңүлгө алсаң иниңмин,
Көп адамдын биримин.
Көппөгөн да, чөкпөгөн
Көп ичинде жүрүпмүн.
Кээ-кездерде ыр жазып,
Кептин наркын сүйүпмүн.
Жаш кездерде жазбадым,
Жазсам да эргий албадым.
Жаш келгенде ортолоп,
Жазууга белди байладым.
Жазылган ырдын тагдырын
Жазалоор пикир таппадым.

Жакпаса айла табарсың.
Жактырсаң жолун ачарсың.
Жабыкка кетчү салтты ойлой
Жакын деп берген саламым.

*09.06.2014*

# ЭЛИМ ООРУДА

Кыргыз эли бийлик менен ооруда,
Бийлик үчүн умтулгандар толууда.
Өссө-өспөсө өлкө өмүрү баары бир
Бийлик үчүн бүт ыйманын коюуда.

Барсын, бирок билген адам барсачы,
Кыргыз үчүн күйгөн адам барбады.
Келечекти, элди, байлыкты түптөбөй
Мүлктүн баарын соруп жатат канчасы.

Нечендеген мал ысырап чачылды,
Эмне деген курулуштар сатылды?
Ээлеп алды эл байлыгын арсыздар,
Же жыргатты кыргыз элге жатыңды.

Элди ишентип, журтка антын бергендер
Ишенимди, антты тепсеп келгендер.
Эл байлыгын менчигиндей сапырып,
Эл үмүтүн тебелөөгө көнгөндөр.

Баш көтөртпөй башка элдердин астында,
Эл намысын керт башы үчүн көмгөндөр.

Маңызы жок ыржаң-ыржаң күлгөндөр,
Майланышкан эрдин жалап жүргөндөр.

Иши сиңип элге кызмат кылгансып,
Сөмөй кезеп, муштумун да түйгөндөр.
Жеңиш бул деп жел добушту аларда,
Жик-жик кылып элди экиге бөлгөндөр.
Жетесизди же арсызды алдаарсың,
Жел сөзүңө ишенишпейт билгендер.

Кыргыз журту бүгүн кыйын ооруда
Кыйгай салып чөөлөр жолун торууда.
Кызарганын улам жула качырып,
Алсыз элдин алдап канын соруудa.

*2012*

# КАРМАШ-2

Жыла басып калп жүрөт,
Жылмайса, күлсө чын күлөт.
Жыпылдай баскан чын экөө
Жылуу үйгө бир кирет.

Жарпын жазып чайлашат,
Жаңылыктарды сайрашат.
Жазылбай калса баштары
Жанакы менен айдашат.

Чечекей эрип чечилет,
Чеги жок бирдей сезилет.
Ченеп ичпей чындыктын
Ченемсиз мээси эзилет.

Сөзүн сүрөп калп күлөт,
Сен ичкенде ал да ичет.
Сенделип чындай ылжыбайт
Себебин анын ким билет.

Кайрадан кармаш башталат,
Кайыңга найза ашталат.
Калыстык билбей ортодо
Кайрымдуу күн да чайпалат.

*20.01.2015*

## БЕШЕНЕ

Жылдырып жылдар барагын
Жыпжылуу ойдо барамын.
Жолугуп кээде калганда.
Жоодурап көпкө карадың.

Күндөрдүн бүктөп барагын,
Күдүктүү ойдо барамын.
Күлмүңдөп чыгып астымдан
Күмөндүү сезим жараттың.

Жылжып ай өтсө айта албай,
Жыпжылуу ойдон кайта албай.
Экөөбүз бирдей жүрөбүз
Эңсөөдөн артка кайта албай.

Көп жүрдүк биз да унчукпай,
Көкүрөк баскан сыр чыкпай.
Көңүлдөр турат чакырып,
Көмүскө чыксын тумчукпай.

Бир белги кылсаң келермин
Бекинген ойду бөлөрмүн.
Бешенеге жазганым
Белсенип татып көрөрмүн.

*06.10.2014*

# КАПЫСТАН

Байланбай жылдар тыз коюп,
Баратат жашоо суз болуп.
Байкатпай чыгып жолумдан
Балкыттын тоңгон музду оюп.

Өтүүдө жылдар тыз коюп,
Өмүрлөр барат суз болуп.
Өкүнүч базар кезинде
Өзөрттүн муздак музду оюп.

Кабарсыз кеткен үмүттөй,
Качандыр өчкөн биликтей.
Капыстан чыга калдың сен
Кайсалайм оюм бирикпей.

Көргөнгө шамдай жандыңбы,
Көөдөнгө кирип бардыңбы.
Көп жылдан берки боштукту.
Көнүмүш ээлеп калдыңбы.

Мейли деп койдум эркиңе
Мээримин чачкан көзүңө.
Менде да калса сезимдер
Мекенин ачаар өзүңө.
Мезгилдер мага сот болуп,
Мерези кыяр кесүүгө.

*30.01.2015*

# УБАЙЫМ

Ааламды курган кудайым
Айтарга сөз бар сурайын.
Адамбыз өзүң жараткан.
Ага бир тобо кылайын.

Кур жерден тартып убайым,
Куурады элдер муңайым.
Куушурулган пендеңдин
Кулкунун тыйбай кудайым.
Кууштуруп койдуңбу
Куулукту сыйлап ылайым.

Төбөдө турсаң сиз жалгыз
Төмөндө жүргөн биз барбыз.
Тобо кылбай баарына
Түйшүктү тартып турабыз.
Түшө албай пенде пейлинен
Түрдүү бир амал кылабыз.

Өзгөчө атак-даңкты кууп,
Өзгөрдү асыл наркыбыз.
Өлө элек жатып аттарын
Өкүмдөп жерге тактык биз.

Өчү бар жалган атактан
Өзгөрсө боло калкыбыз.

Теңирде турсаң сиз жалгыз
Теминет сизге эл байкуш.
Теңчилик угуп көрбөгөн
Тээжиктер чыкты кудайсыз.
Тең келбей андай арсызга
Телмирип теле угабыз.

Көз тойбос курган пендеңиз
Кой берди алкын өлчөөсүз.
Колунда бары аз болуп
Коңулдан уурдайт эсепсиз.
Кооптуу мындай жуттарга.
Карышы кандай демексиз.

Асманда турсаң сиз жалгыз
Астында турган биз барбыз.
Астыдан ойдо кеткенче
Алышып турган курганбыз.
Акылга ынсап кире албай.
Арача күчкө муктажпыз.

Балким, бир айла нетерсиз
Башынан карап өтөөрсүз.
Уурунун элин уурдаган
Ууштаган колун кесерсиз.
Кескини элди алдаган
Кезексиз алып кетерсиз.
Кууларды элди думдаган
Кургатып канын ченерсиз.

Бир өзүң жалгыз суроо көп,
Бул жалганда күнөө көп.
Бир өмүр жашап өткөнчө
Биз дагы жашоо иргесек.
Билинбей күнөө көп болоор
Бийиктик ченин билбесек.
Кең дүйнө курган кудайым
Күчүңдөн тайба ылайым.
Кезегим келди менин да
Кебимди айтып тынайын.
Кесири тиер бир күнү
Калкыма ынсап сурайын.

*02.02.2015*

# АКЧА...

Ай менен Күндү чапчыган
Айланып жерди калкыган.
Ааламдагы адамдар
Атасындай тааныган.
Ар бир үйдү түрткүлөп.
Айлакер өскөн Авраам.
Азыркы биздин жашоону
Айбыгып турам айтуудан.
Айныгыз күчү болду пул
Арга жок артка кайтуудан.

Батыш менен Чыгышка
Баа жеткис күндөй тараган.
Барган жердин баарысы
Бакылдап аны санаган.
Баркы өстү мунун мынчалык
Байыркы чыккан манаттан.

Улутун ким деп иргебей
Уруусун айтып түрдөбөй.
Урунуп калды баарысы
Урушуп аны тилдебей.

Ушундай кирди жалпыга
Улуулар айткан дилдедей.

Ар катмардан жай тапты,
Арбап бир баарын баратты.
Алдыга коёр бөгөт жок
Аргасыз сомдон баасы ашты.
Аттардан чыккан торудай
Аларды аргасыз артка каратты.

Көрбөгөн жанды саматты.
Көйгөйү сыйрып жаратты.
Көпчүлүк турган жашоого
Көнүмүш кирип баратты.
Көрбөсө койбой жайына
Көзүнө сайып каратты.

Багынткан жерди тим эле
Баалаткан ээси ким эле.
Багытын болжоп дүйнөгө
Баштанткан киши шум беле.
Барат эми карагын ал
Басынтып баарын куу неме.

Бир көзү менен караган
Бир сырдуу пирамидадан.

Бирдиктүү кылып дүйнөнү
Билгизбей сыйкырлап алган.
Бир иши жүрбөй долларсыз
Буйлалап баарын байлаган.

Бул дүйнө буга нес болду,
Билбестен буга кез болду.
Бир иши чыкса көйгөйлүү
Буйдалбастан тез болду.
Бул пулдан артка кайтууга
Болжолун ойлоп сез болду.

Мартаба артып мантайды
Малдаш токунду жантайды.
Маарекесинде кыргыздын
Мал башында кылтайды.
Мактанганда маң баштын.
Макоосун тактап бултайды.

Көрбөгөн көзү кызарды.
Көрүүгө ою узарды.
Көргөндөр көөп бош жери
Көбүргөн чөптөй чычайды.
Көздөгөн чыкса ордунан
Көпчүлүк жүзү нур чайды.

Кечөө социализм барында,
Кыпкызыл червон жанында.
Кыйланы жеңген бул Джоршуң
Кызыксыз болчу чынында.
Түптүз баскан Ленин буларды
Түбүнөн жулган кылымга.

Ойлорду ишке түздөгөн,
Ошондо эле күч деген.
Опурталдуу замана
Ойчулду дагы сүйбөгөн.
Ойрондор келип дүйнөгө алардын
Ойлорун жерге түздөгөн.

Калп эмес чынды сүйлөгөн,
Калыстык жакка үндөгөн.
Карапайым калкына
Калкалап үйү жай берген.
Калыстык турган заманга
Каяктан айтчы Джорш кирген.
Колхоздо өскөн эл түгүл, муну
Кадиктер дагы билбеген.

Ленин ата сүрөтү
Илкиген элди сүрөдү.
Илинбеген жери жок

Ишеним элде күчөдү.
Ичгичи жок ээледи
Ичинде соккон жүрөктү.

Аз болду, бирок саз болду,
Айтчы анда кимдер ач болду.
Адамдар теңдүү жашоого
Аз болсо дагы шарт болду.
Алтындан Ильич червону
Авраамдан качан пас болду.

Кынында кылыч кайрады.
Капитал соцту жайлады.
Көктөн калды көрүнбөй
Көсөмдүн кызыл байрагы.
Көкүрөктөн күч кетип,
Көмүскө жерге айдалды.
Көп жылы бирге жашаган
Көпчүлүк багы байланды.

Ошо Ильичтин доору өткөндө
Кайрылбас болуп кеткенде.
Кайырмагын камдаган
Капиталисттер келгенде.
Капталдан кармап ар бирин
Карп балыктай илгенде.

Кеп айта албай шыбырап,
Кетте албай турдук кыбырап.
Келген жутка байланып,
Келечек калды ымтырап.
Кеткенин кайрып келе албай
Канчанын көзү жылтырап.

Червондун доору бүткөндө
Чегинип артка кеткенде,
Четинен кетип ар кими
Чек ара чегин чечкенде,
Чен болуп акча бирдиги
Чечилип элге киргенде.

Ааламга акча бийлиги.
Айнығыс күндөй тийдиби.
Ал жокто кыйындап барат
Азаптуу пенде түйшүгү.
Акча ойлоп тапкан адамзат
Ага алтындай башын ийдиби.
Алмашып болгон асылын
Акылдан кете сүйдүбү.

Баарына пулдун бийлиги
Балкыган күндөй тийдиби.
Басып барат бардыгын.

Баатыр да башын ийдиби.
Басынып турат жок болсо,
Бакырдын баскан түйшүгү.
Баасы жок адам баш эле
Багынып алда сүйдүбү.

Демилге өчүп дымыды
Демдүү күч жалын куруду.
Дегдеген максат жашоосу
Акчага барып тутулду.
Деңирсип турат бул дайым
Дембе-дем бузуп журтуңду.

Кыргыздын сому туулду
Кымбаттуу элге сунулду.
Кылымдар акча кылбаган
Кыргыз эп көрду мунуңду.
Качандан күтүп жүргөнбү ал
Камырдай элге жуурулду.

Айлакер саясатчылар
Американын доллары.
Асыл бир маданиятчылар
Акындар кыргыз сомдору.
Аралаш жашап жатса да
Айыгышкан согуш жолдоду.

Басып алууга күчү жок
Баягы кыргыз сомдору.
Бардык позициядан
Басым жасады коргонуу.

Каршылаш ойлоп турабы
Кандай деп алын сурайбы.
Кара күчкө каршы
Кыргыздар Абдыласын чыгарды.
Кандай жүрүш кылат бул
Калыстай карап туралы.

Кыргыз үндүү Абдылас
Кызыктуу ырдан чарчабас.
Кызыл жоолук жеңеси
Кыйлага чайы кайнабас.
Кызыл жоолук созду бул
Кылычын кармап кыраңда.
Күзөт болуп турду бул
Курсагым ачып кетти – деп,
Кылымдан үнү озду бул.

Буудандай үндөп куштаган
Бүбүсара чыкты анан.
Бүгүлүп бийик секирсе,
Балетти сүйгөн кубанган.

Бааланбастан бийледи
Баатырдай намыс түптөдү.
Саманчынын жолунда
Санааркап кабак түйгөнү.
Сахна көркү болду бул
Сан бийди бийлеп бүтпөдү.
Сомго кирип созулуп,
Абдыласка кошулуп,
Экөөлөп өтөйт күзөттү.

Уктабай дайым толгонуп,
Улуттун артын ойлонуп.
Улуу эмес гүлгүн жашында
Улуудай акыл колдонуп.
Ушул да келди ошондо
Уштарга ондук сом болуп.

Ондуктай өңү тозоргон,
Ойлуу көзү бозоргон.
Опурталдуу замандан
Озунуп тилин коргогон.
Ошондон элде кызматта
Ондукка өңүн которгон.

Тыныстан уулу Касымга
Түтөбү деп намыска.

Түшүнүү менен чыгарды
Түгөнбөс акча жарышка.

Доолдойдун ишин козгогон.
Додолоп оюю топтолгон.
Доосу бар ар бир эпосто
Досунан артык коргогон.
Дайынын нечен санаттын
Долуланып топтогон.

Тоголок молдо атаны
Тоолуктар акча чыгарды.
Тоголонгон атабыз эми
Тойлорго кызмат кылабы.
Токтобос алым сатыкта
Толтуруп капчык турабы.

Скобелев менен кармашкан
Кауфман менен арбашкан.
Экөөнүн тең эсине
Өчкүс кылып так салган.
Өкүмдар Алай каныша
Өчпөгөн жылдыз Курманжан.
Өзү чыкты катарга
Өзүмчүл алып сатарга.

Өз көмөчүнө гүл тартып,
Өзгөчө кумар батарга.

Айтып калыстык кылбады
Ач көздү тыйып турбады.
Астында турса алдамчы
Ага да көңүл бурбады.
Алса кетет, берсе алат
Акчанын ушул кырдаалы.

Толукшуп турган кезинде
Тоолорду баскан Токтогул.
Тутулуп кетип жеринде
Токойду баскан Токтогул.
Тоодой кайгы көтөргөн.
Тоголок баштын алпы бул.
Топтолгон муңун тоготпой
Толгонуп ырдап турду бул.
Тапталган ырчы ээрчитип,
Таалайлуу элди кылды бул.

Төгүлсө ыры, күүлөрү
Төп келип кыргыз жүрөгү.
Төгөрөккө жар салып,
Түгөнбөс сыйын көрөдү.

Төрт бурчунан сүйөшүп,
Төбөдөн бийик көтөрдү.

Журтунан болуп түнөгү
Жүздүктө жүрөт сүрөтү.
Жулмалап жүзүн анын да.
Жутунган турмуш жүдөттү.
Жумурткага алмашса.
Жылмайып Токон күлөбү.
Жылмалап акты караны, же
Жылжыган өмүр сүрөбү.

Айтылуу бозу таскакта
Акындардан чоң кашка.
Азыр да элдер кубанар
Алыкул туруп ыр жазса.
Ашыктык сүйүү арзуусун.
Акылдап колго сырдашса.
Алсыздан күчү жете албай
Армандуу күнүн муңдашса.
Айтылуу Жамила менен
Алмак салмак ырдашса.

Арманы кайым болбойбу,
Арзуунун бошу толбойбу.

Азанаса ак боз ат
Анын үстүнө кайра конбойбу.

Сагынган сүйүү карегин
Сары кагаз болуп төрөлдүң.
Сабында турсаң пулдардын
Санабай кантип бөлөмүн.
Саябандап ыр жазсаң
Сен эми соодагерге керексиң.
Сонундап жашоо сүйдү элең
Созулуп күндө келерсиң.

Үстүдөн түшкөн кайыптай
Үмөттүү ата Саякбай.
Үнүнө ашык болуп биз
Үмүтсүз калдык айыкпай.
Үстүңдөн учкан бүркүт да
Үнүңдү издейт талыкпай.

Теңирден түшкөн кайыптай
Теңдешсиз ата Саякбай.
Термелсе айтып «Манасын»
Теребел уккан талыкпай.
Тереңиң чексиз океан
Термелттиң бизди кайыктай.

Кызыл ат минип кырыңдан
Калкына колун булгаган.
Кыпкызыл манаттай болуп
Кыргызга келди бул анан.
Кызматы жоокер жан эле
Кыргында жигит кураган.
Калкына кыйын кез келсе
Кыйырга көзү кызарган.

Милдеттен бошоп кетпеди
Манаттай ишин эптеди.
Малдаш токунуп отуруп,
Макирөө доллар сен деди.
Мазасы болсо куйит эле
Максатка күчү жетпеди.

Кылымдар кыргыз атасын
Кыйындар жарга такашты.
Кыйналды, бирок өлдүбү
Кыйырды жеңген башаты.
Караханийлер учурдан
Калкымда жүргөн атагы.
Кадимки Жусуп бабабыз
Баласагунда жашады.
Баа жеткис анын эмгегин.
Балдары окуп жаттады.

Ортодон көп жыл өткөндө
Он кылым бөлүп кеткенде.
Ортомчу болгон акчадан
Орунун таап келгенде.
Отуз кез бийик мунара
Ордолуу шаарын көргөндө.

Мурунку шаарын билбеди,
Муңайып көңүл зилдеди.
Мунарык басып жер жатат
Мунара жалгыз үндөдү.
Мурунку муунун издеди
Муютпай жашоо биздеги.
Муун-жүүнүн бошотот
Мурунку өңү миңдеги.

Жусуптай болгон карысы,
Касымдай болгон калысы.
Каймагы болгон кыргыздын
Кыйындарынын баарысы.
Кыйын да коргоп калабы
Кылымдын акча жарышын.

Кыраандар өткөн бийиктен
Кыргызды дайым сүйүнткөн.
Кыйлага кеткен атагы

Кинодо кийген кейиптен.
Чокмордун уулу Сүймөнкул
Чоочунду өздөй ойноптур.
Чогулуп көргөн адамдар
Чоң алкышын жолдоптур.

Сүлүккара акканда
Кишенелеп атканда.
Каректен жашың төгүлүп,
Кайгырып ыйлап жатканда.
Агымы күчтүү Көкөмерен
Ал күчтү алып кеттиби.
Алмаштырып ал-күчкө
Атакты алып бердиби.

Азыр сен акча сомдосоң
Арманга көзүң толбосун.
Авраам менен беттешсең
Абалың алсыз болбосун.
Атаң бар эле туу жыгар
Арбагы болсо колдосун.

Акчалардын пнрады
Айтылбай эч ким калбады.
Абраам Джоршу долларда
Айталбайм кимдер аларды.

Акча деген бул шумдук
Адамдарды арбады.
Арачалап каларга
Арга жок кандай кылалы.

Үмүтү болгон пендеси
Үгүтү жок дегдеди.
Үзүлгөнчөктү бул өмүр
Үмүтүн буга чектеди.
Үстүртөн эле урунбай
Үстүндө жатса эңседи.

Адалда жолдон адашты
Атада жолдон чаташты.
Азирет аны колдобой
Алданып муфтий баратты.
Акылдын баарын тепселеп,
Акча эле акча саматты.

Калыстык дагы чаташты,
Кадырлуу апа адашты.
Кудайды көктө калтырып,
Куучуңдайт имам адаты.
Кудурет берчү ынсаптан
Кур калып бул да баратты.

Окумуштуу агайы
Олчойгон билим жыйнады.
Ондогон жылдап иликтеп,
Ойлорду топтоп байлады.
Ошого дагы карабай
Ойлонтту акча жагдайы.
Ондурбай аны кызматтан
Оодарып акча баратты.

Адамда арбын касиет
Акчага калды баш ийип.
Аларды ачык айта албай
Арача сүйлөп жашырып.
Адамзат жүрөт дайыма.
Арууну айдап качырып.

Эрлерде ынсап болбоду,
Эгем эмнени жолдоду.
Аялдан кетип ишеним
Алдамчы калпты колдоду.

Баланын кетип ыймань
Бабасы шордуу ыйлады.
Кыздардан качып уяты
Кылгырган көзү туйбады.

Топтолгон ушул жамааты
Тоопсуз жайга баратты.
Токчулук издеп акчадан
Тозоргон көзү саматты.

Тоёр бекен бул пенде
Топуксуз калса адаты.
Жок болсо акча бир арман,
Жоготсоң арды миң арман.

Жонуна байлык көтөрүп.
Жанатына ким барган.
Жансыздан бийик болсун – деп.
Жараткан бизди бул жалган.

*29.01.2015*

# АКЫНДАРГА

Кыргыз калкым алтынды сен издебе
Кумга-ташка көңүлүңдү түздөбө.
Кызыл алтын көрөм десең кызыгып,
Көркөм сөздү көмбө, жаппа бүктөбө.

Кызыл алтын кыйла эмгекке багынган
Кызыл тилдүү сөздөн иргеп алынган.
Кызыксаң сен көркөм сөздү окуп көр.
Кыялы күч акындардан жазылган.

Бардар калкым байлыкты сен издебе
Башты оорутуп баарын жонго жүктөбө.
Баалуулуктун башаты бул көркөм сөз
Багын кыйып башын эки бүктөбө.

Баатыр уккан, бакыр уккан, бай уккан
Балдар дагы башат издеп дымыккан.
Баасы бийик байлыктан ал жогору
Бала сындуу ичтен чыккан акындан.

Түмөн журтту туптуулукко чакырган
Түркүн ойду ырларында сапырган.
Турар, Аалы, Алыкулдар, Жолондор
Түрмөк ырын түбөлүккө чачтырган.

Тоолорундун оюнда да, кырында
Толгон сулуу коюнунда жанында.
Толукшуган тоолуу акын ырлары
Толкун болуп жандап жүрөт баарында.

Кыргыз ыры «Манас» болуп башаты
Кыргында да элди сүйөп баратты.
Кыргыз ыры кандай кырдаал болбосун
Кыргыз соккон жүрөгүнүн канаты.

Даңазалуу кыргыз ырын көтөргөн
Дарманы жок кайра-кайра жөтөлгөн.
Деми баатыр, өзү баатыр Алыкул
Дартын жеңип ырга кызмат өтөгөн.

Белсенишип бийиктикке умтулган
Бири астыда, бири артта жулкунган.
Биздин белдүү ыр пирлери акындар
Билбей турам кимдин атын айтуудан.

Биз менен көп бирге жашап келишкен,
Бизге кубат, ал-күч демин беришкен.
Билгендерге бийик бакыт эмеспи
Билбегенге болгон оюн бөлүшкөн.

Алп ырлары акындардын катасыз
Ал ырларды ырдап жашап жатабыз.
Алаксыткан андай ырлар болбосо
Азыркыдай болбойт эле чамабыз.

Алтын менен күмүшүнө ширеткен
Ар бир сөзү ачып-көздү тирилткен.
Айтыңызчы алтын эмей эмине
Асыл сөздөр орун алса жүрөктөн.

Улуу сөздүн касиетин жолдогон,
Улуу-кичүү окуп алып колдогон.
Укмуштуу бир кыял акын дүйнөсү
Утурумдап жашоого жол болжогон.

Буудан болор, тулпар болор мингенге
Бал табылар, суу табылар ичкенге.
Бирок чиркин бир бакытта окшобос
Баалуу сөздүн жетегинде жүргөнгө.
Көр дүйнөнүн көйгөйүнө токтобос
Көркөм сөздүн кайыгына түшкөнгө.

*06.02.2015*

## ШАМ

Чилдеде суук, кар жамынган эшикте
Чагын издейт жылуу үйгө киришке.
Жарык күйгөн терезенин артынан
Айнек жалайт ары жагына өтүшкө.

Терезенин текчесинен шам күйөт,
Демин үйлөп өчүрүүгө түн жүрөт.
Кээде ышкырып, кээде тынган шамалы
Кекерленип шамга жетпей үшкүрөт.

Карандай суук кайра-кайра жалаган
Калыңданып тунук айнек бараткан.
Кайдадыр бир алыс кеткен жомоктой,
Кайткыс күндү, жай турмушту саматкан.

Катмар муздуу терезенин алдында
Жармысы эрип, жанган
шамдын жанында.
Жазмышты ойноп жалгыз келип олтурат
Жадагандан кыштын, сууктун каабына.

Этегинде бешиги бар терметкен
Эсин ээлеп үмүтү турат өчпөстөн.
Эрегишип түндү кескен ойлорун,
Ээ боло албай терезени тиктеген.

Муздак менен жылуу үйдүн чегинде
Мелтиреген жаш келиндин көзүндө,
Мемиреген жармысы бар шам күйөт
Мезгил эмне, шайы келбей билүүгө.

*12.03.2015*

# МАЗМУНУ

Алгы сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

## Ырлар

Издөө. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6
Самурай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Жүрөк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14
Кармаш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Күз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Жаз. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Жел. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Жылуу ой . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Мекен жөнүндө. . . . . . . . . . . . . . . . . . . 28
Динлинге . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Фрунзем. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Сапарда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Нуралиге . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Эралиге . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 38
Тору кулун . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Боз бала издеп . . . . . . . . . . . . . . . . . . 42
Кышкы алча. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Байралуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Жалжалым. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Нурдуу кыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 51
Кыргыз радиосу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Ак боз бээ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57

Ак үй эпоха *(Поэма)* . . . . . . . . . . . . . . 60
Той *(Жомок)* . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Коррупция . . . . . . . . . . . . . . . . . . 125
Чиркин . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 129
Сокура . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 132
Акмат менен Мария . . . . . . . . . . . . . 134
Шиш-Чоку . . . . . . . . . . . . . . . . . . 136
Эне менен коштошуу . . . . . . . . . . . . 141
Кочкорум . . . . . . . . . . . . . . . . . . 145
Кочкор суу . . . . . . . . . . . . . . . . . 151
Күн *(Ой жортуул)* . . . . . . . . . . . . . 157
Саякбай менен Чыңгыздын сүрөтүнө . . . . 165
Бир өмүр . . . . . . . . . . . . . . . . . . 174
Көк Теңир . . . . . . . . . . . . . . . . . . 176
Байкасаң да, байкабай . . . . . . . . . . . 179
Белгисизге . . . . . . . . . . . . . . . . . 181
Чүй . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Ат-Башы . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
Сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 187
Агага . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 195
Элим ооруда . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Кармаш-2 . . . . . . . . . . . . . . . . . . 199
Бешене . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 200
Капыстан . . . . . . . . . . . . . . . . . . 201
Убайым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 203
Акча... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 206
Акындарга . . . . . . . . . . . . . . . . . 225
Шам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 228

*Көркөм-адабий басылма*

**Сапарбеков Майрамбек**

**КҮН**

*Ырлар*

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Көркөмдөгөн *В. Грипасов*
Компьютердик калыпка салган *Б. Уланова*

Басууга 20.03.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х90 $^{1}/_{32}$
Көлөмү 7,25 б.т. Заказ №1275. Нускасы 500

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.